# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ФЕВРАЛЬ-МАРТ 2015 | № 2-3 (39-40) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

Көңүл чордонунда

Кыргыз Республикасынын мындан кийинки өнүгүүсүнүн туруктуулугу ЖӨБ жарандарын татыктуу турмуш шарттары менен камсыздоо жөндөмүнө жараша болот ... 2

“Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним” Эл аралык конференциясынын РЕЗОЛЮЦИЯСЫ ... 4

Мамлекеттин ЖӨБдүн үстүнөн көзөмөлүнүн алкактары же ЖӨБ органдарын системасыз текшерүүлөргө ЖОК дейли! ... 7

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин ТЕКШЕРҮҮНҮ ОПТИМАЛДАШТЫРУУ БОЮНЧА Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин жана Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитетинин ЧЕЧИМИ ... 12

Мыйзамдагы жаңылыктар

Саясий партиялардын шаардык кеңештин депутаттарын чакыртып алуусу Конституцияга ылайык келбейт деп табылды. Бирок партиялардын депутаттардын тагдырын өз алдынча чечүү каалоосу кала берүүдө ... 13

Жергиликтүү кеңештерге жер салыгынын базалык ставкасын көбөйтүү укугу берилди ... 15

Юридикалык консультация

Шаардык кеңештин суроолоруна юристтер жооп беришет: жылуулук менен камсыз кылуу тарифтери, фракциялардын биригүүсү тууралуу ... 16

Жерлерди башкаруу тууралуу суроолорго юристтер жооп беришет ... 18

ЖӨБдүн ресурстары

Жергиликтүү бюджеттердин көз карашынан алынган административдик-аймактык реформа ... 21

Жарандардын ЖӨБго катышуусу

Ош шаарынын тургундарынын жергиликтүү бюджеттик процесске катышуу тарыхы ... 25

ЖӨБдүн эл аралык тажрыйбасы

Бавария муниципалитеттери ... 28

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

21 муниципалитетте эки миңден ашуун жаран жергиликтүү бюджеттердин аткарылышын талкуулады ... 30

Дагы 29 жаңы грант: балдар, жаштар, спорт жана маданият ... 31

Жарандарды жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске тарткан БӨУ арасында өткөрүлгөн сынактын жеңүүчүлөрү аталды ... 34

ММКга ыраазычылык – кесипкөйлүк, табышкерлик жана ишине берилгендик үчүн ... 35

ӨСИ жаңылыктары

Элеттик ден соолук комитети (ЭДК) – жамаатта чоң күч. “ЭДК үнү жана Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарынын ден соолук детерминанттары боюнча ЖӨБ органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоору активдүү фазага кирди ... 39

Финансылык сабаттуулук

Кыргызстандагы алты миң бала Глобалдык акча апталыгына катышты. Алардын ичинен үч миңи – аймактагы мектептердин окуучулары ... 42

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы:
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# Кыргыз Республикасынын мындан кийинки өнүгүүсүнүн туруктуулугу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун (ЖӨБ) жарандарды татыктуу турмуш шарттары менен камсыздай алуу жөндөмүнө жараша болот

***2015-жылдын 13-14-март күндөрү Бишкекте “Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним” аттуу Эл аралык конференция өттү. Конференциянын уюштуруучулары: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитет жана Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен кызматташтыкта каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту.***

Конференциянын ишине Премьер-министр, КР Өкмөт мүчөлөрү, КР Жогорку Кеңешинин вице-спикери, Комитеттердин төрагалары жана депутаттар, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын жетекчилери, жарандык коомдун, донордук жамааттын, ММКнын өкүлдөрү катышты.

Өз сөзүндө КР Премьер-министри Жоомарт Оторбаев дал ушул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары күн сайын жарандар менен тыгыз байланышта болгондуктан Өкмөт бийликти дагы да

көбүрөөк децентралдаштырууга маани бере турганын белгиледи. КР Премьер-министри муниципалитет жетекчилерин өз мүмкүнчүлүктөрүн билиш үчүн мамлекетте иштеп жаткан мыйзамдар, финансылык иштер жана башка укуктук документтер жаатында такшалууга чакырды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин төрайымы Наталья НИКИТЕНКО өз баяндамасында ушул тапта Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ченемдик укуктук базасы дагы да анык билине баштаганын белгиледи.

Ошону менен бирге мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратууга, ЖӨБ органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартибинин сакталышына байланышкан актуалдуу маселелери калып жатканына көңүл бурду.

Жогорку Кеңештин депутаты Кенжебек Бокоевдин айтымында, мамлекеттик органдар тарабынан ЖӨБ органдарын текшерүүнү өркүндөтүү, тартипке келтирүү жана мыйзамдар менен жөнгө салуу зарылчылыгы бышып жетилди. Себеби текшерүүнүн азыркыдай башаламан системасы барган сайын курч терс мүнөзгө айланып, ЖӨБ органдарынын эффективдүү ишине бут тосуп жатат.

Конференциянын жүрүшүндө катышуучуларга эл аралык жана жергиликтүү эксперттердин жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган баяндамалары жана презентация түрүндөгү материалдары тартууланды. Аны менен бирге Латвиянын, Орусия Федерациясынын, Тажикстандын, Польшанын, Казакстандын жана Кыргызстандын тажрыйбалары сунушталды.

Эки күндүк иштин жыйынтыгы боюнча конференциянын катышуучулары Резолюция кабыл алып, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнүн маанилүү конституциялык уламасы болуу менен коомдун социалдык туруктуулугуна жана экономикалык өсүшүнө таасирин тийгизип, жарандардын сапаттуу, өз убагында ишке ашырылган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүсүнө шарт түзгөнүн белгилеп, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча бир катар сунуштарды беришти.

***Айрым баяндамаларды "Муниципалитет" журналы ушул санында жарыялады жана кийинки чыгарылыштарында да жарыялай бермекчи.***

***Орус жана кыргыз тилдериндеги калган баяндамаларды жана материалдарды интернеттен www.dpi.kg дареги боюнча таба аласыз.***










# "Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним" аттуу Эл аралык конференциянын РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

2015-жылдын 14-марты Бишкек ш., «Хаятт Ридженси» мейманканасы

Конференциянын катышуучулары – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом уюмдары жана массалык маалымат каражаттары,

*жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнүн маанилүү конституциялык уламасы болуу менен коомдун социалдык туруктуулугуна жана экономикалык өсүшүнө таасирин тийгизип, жарандардын сапаттуу, өз убагында ишке ашырылган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жетүүсүнө шарт түзөрүнө көңүл буруу менен*

*жалпы улуттук кызыкчылыктар, борбордук өкмөт менен жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктары дал келбей калышы мүмкүн экенин, бирок бардык деңгээлдерде чечим кабыл алуу процессинде эсепке алыныш керектигин мойнуна алуу менен*

*жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын басмырлоону жана карама-каршылыктарды жокко чыгарууну, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын ажыратууну, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына функцияларды жана милдеттерди жүйөсүз жүктөөнү болтурбоо зарылчылыгын белгилөө менен төмөнкүлөрдү*

## СУНУШТАЙТ:

### Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыйзамдык базасын өркүндөтүүгө аракеттенүүнү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдардын иерархиясын камсыздоону;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кодексти иштеп чыгуу жана кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн караштырууну;
- жетиштүү бюджеттик каржылоонун жана методологиялык камсыздоонун негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берген ченемдик укуктук актылардын аткарылышынын үстүнөн көзөмөлдү күчөтүүнү;
- алдын алуучу чараларды колдонууга басым жасоо менен контролдук-көзөмөлдөөчү мамлекеттик органдардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүсүнүн тартибин мыйзамдар менен регламенттештирүүнү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жарандык коом ортосунда, өзгөчө социалдык кызмат көрсөтүү жана жамааттын артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрүн чечүү, анын ичинде мамлекеттик социалдык тапшырык аркылуу чечүү бөлүгүндө өнөктөштүк үчүн мыйзамдык шарттарды түзүүнү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:**

- мамлекеттик башкарууну андан ары децентралдаштырууга жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө багытталган ырааттуу саясат жүргүзүүнү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүү ыргагын талкуулоо, муниципалдык башкаруунун ийгиликтүү тажрыйбасы менен бөлүшүү, аракеттерди бириктирүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын өнүктүрүүгө жалпы мамилени иштеп чыгуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бардык бутактарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ассоциацияларынын, союздарынын жана бирикмелеринин өкүлдөрүнүн катышуусу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын улуттук форумун жыл сайын өткөрүп туруу практикасын жайылтуу;
- жергиликтүү жамааттардын көлөмүнө жана административдик борборлорго чейинки аралыгына карабастан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү борборлорун көчүрүүгө байланышкан жергиликтүү жамааттардын чыгымдарынын ордун толуктап берүүгө ресурстарды табуу менен Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоо маселесине тең салмактуу жана негиздүү мамиле жасоону;
- ар бир жамааттын географиялык, тарыхый, маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, жарандардын укуктарын жана эркиндигин кысууга жол бербей, анын кесепеттерин терең талдоонун негизинде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнү;
- административдик-аймактык реформаны ишке ашырууда – ирилештирүүдө жана бириктирүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын экономикалык жактан шыктандыруу чараларын иштеп чыгууну;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше базасында жана чыгаша милдеттенмелеринде методиканы кабыл алган учурдан тарта башталган өзгөрүүлөрдүн эсебин, башынан эле өткөөл мезгилге гана каралган гранттардын компенсациялык үлүшүн төмөндөтүүнү көңүлгө алып, теңдештирүүчү гранттарды эсептөө методикасын өркүндөтүү боюнча чукул чараларды көрүү, ошондой эле гранттардын конкреттүү финансы жылына бекитилип калган көлөмүн сактап калуу. Бул болсо жергиликтүү деңгээлде реалдуу үч жылдык бюджеттик пландоону ишке ашырууга жол берет;
- мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда саясий, административдик жана финансы боюнча диалогду камсыздоо үчүн шарт түзүүнү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жана шарттары тууралуу конституциялык жана мыйзамдык-талаптардын милдеттүү түрдө сакталышын камсыздоону;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү маселелерин министрликтердин жана ведомстволордун 2015-жылга иш планына кошууну;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары – жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынган чечимдердин сапатына талдоо жүргүзүүнү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун абалына жана өнүгүүсүнө терең талдоо жүргүзүүнү, ал талдоо 2017-жылдан кийинки жаңы программаны иштеп чыгуу үчүн негиз болуп калыш керек;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоого жана өнүктүрүүгө катышкандардын, анын ичинде өкмөттүн, муниципалдык ассоциациялардын, эксперттердин жана жарандык коом уюмдарынын, эл аралык донор агенттиктеринин жана долбоорлордун, координациясынын жана өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуу механизмин түзүүнү;
- жергиликтүү маанидеги маселелер жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча жарандар тарабынан, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча мамлекет тараптан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине баа берүү системасын иштеп чыгууну жана жайылтууну;
- жарандардын жергиликтүү бийликке ишенимин арттыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдончу бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексине баа берүү усулун сунуштоону;
- айылдык кеңештерди аппарат менен жана айылдык кеңештердин төрагаларын айлык акы менен камсыздоо бөлүгүндө, ошондой эле аткаруу системасында берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу бөлүгүндө шаардык жана айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы дискриминациялык мамилени жоюуну;
- өзгөчө социалдык кызмат көрсөтүү жана жамааттагы артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрдү чечүү бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жарандык коом ортосундагы өнөктөштүк үчүн шарттарды түзүү боюнча чараларды жана сунуштарды иштеп чыгууну тездетүүнү;
- муниципалдык кызматчылардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин, ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын квалификациясын жогорулатуу боюнча мамлекеттик программалардын натыйжалуулугун жогорулатууну;
- жергиликтүү жамаат менен инвесторлор (тоо-кен казуучу компаниялар) ортосунда жаңжалдарды болтурбоо, жаратылыш ресурстарын башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатын-

да жер казынасын колдонуу маселелеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун жана жоопкерчилигин күчөтүүнү;
- региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү практикасын жана алардын ишин жакшыртуу үчүн аталган фонддордун ишин регламенттештирген ченемдик документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- жер мыйзамдарына талдоо жүргүзүүнү жана жер ресурстарын ачык-айкын, натыйжалуу башкарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына консультативдик жана башка жардам көрсөтүүнү.

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына жана башка контролдук-көзөмөлдөөчү мамлекеттик органдарга:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүү тартибин жөнгө салууну;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүнү жүзөгө ашыруу маалында алдын алуучу чараларды колдонууга жана жеринде кырдаалды жакшыртуу боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашырууга багытталган саясат жүргүзүүнү;
- контролдук-көзөмөлдөөчү органдардын ишин, жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн, берилген жазма эскертүүлөрдүн жана кылмыш-жаза, укук бузуулар боюнча козголгон иштердин сандык көрсөткүчтөрү боюнча баалоо практикасынан баш тартууну;

### Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:

- жетекчилердин жана жергиликтүү кеңеш депутаттарынын көңүлүн жана аракетин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине, анын ичинде бюджет маселелерине карата ачык-айкындуулук боюнча мыйзам талаптарынын аткарылышына бурууну;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган жер ресурстарын башкарууну тартипке салуу боюнча чечкиндүү чараларды көрүүнү;
- жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатууну каржылоого карата мыйзам талаптарын аткарууну;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пландары жана бюджети жарандардын керектөөлөрүнө мүмкүн болушунча жакшыраак жооп бергидей болушу үчүн жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга, анын ичинде бюджеттик процесске натыйжалуу катышуусу үчүн шарттарды түзүүнү;
- салыктык укуктук мамилелер боюнча өз укуктарын ишке ашыруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилик деңгээлин жана жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктардын жана жыйымдардын чогултулушун жогорулатууну;
- улуттук деңгээлде, анын ичинде Өкмөт жана башка мамлекеттик органдар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарын коргоо максатында Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзунун ишин реформалоону;

### жарандык коом уюмдарына:


- өзгөчө социалдык кызмат көрсөтүү жана жамааттагы артыкчылыктуу социалдык көйгөйлөрдү чечүү бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жарандык коом ортосундагы жаңы өнөктөштүк механизмдерин иштеп чыгууга, апробациялоого жана жайылтууга жигердүү катышууну;
- жамаат алдында өз ишинин ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоого умтулуусунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына колдоо көрсөтүүнү;
- мониторинг жана баалоо процесстерине түздөн-түз жигердүү катышуу менен жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөргө коомдук мониторинг жүргүзүү механизмдерин түзүүдө жана натыйжалуу жайылтууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөктөшүүнү;
- депутаттарга жана туруктуу комиссияларга калк менен кайтарым байланышты камсыздоого жардам берип, жергиликтүү кеңештер менен жигердүү кызматташууну;

### эл аралык донордук уюмдарга жана долбоорлорго:

- мамлекетти, жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана жарандык коомду кошкондо секторлор аралык өз ара аракеттин бардык тараптары менен өз стратегияларын жана артыкчылыктуу багыттарын кылдат салыштырууну;
- Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү реформаларын колдоо боюнча Кыргыз Республикасына берген жардамын мындан ары да уланта берүүнү жана 2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасына жардамды пландоодо бул сунуштарды эске алууну.

Жергиликтүү жамааттардын өз кызыкчылыгында жана өз жоопкерчилиги алдында алар шайлаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө укуктарын жана жөндөмүн таануу менен, конференциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын бардык саясий жана жарандык күчтөрүн Кыргыз Республикасынын башкаруу системасынын эң демократиялуу жана жаранга эң жакын болгон бөлүгү катары жергиликтүү өз алдынча башкаруусун өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө ыкылас коюуга чакырат. Конференциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын мындан кийинки өнүгүүсүнүн туруктуулугу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жарандарды татыктуу турмуш шарттары менен камсыздоо жөндөмүнөн көз каранды болгонун белгилешет.

*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Усенбек ОМУРОВ*




# Мамлекеттин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үстүнөн көзөмөлүнүн алкактары же ЖӨБ органдарын системасыз текшерүүлөргө ЖОК дейли!

***Текшерүүлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн кадимки эле балээге айланды. Жылдан жылга, жыйындан жыйынга, улам алмашып жаткан өкмөткө жана өзгөрүлбөс саясатчыларга текшерүүлөрдөн жүдөгөн элеттик муниципалитеттердин башчылары бул процессти кандай болсо да тартипке салып берүүнү суранып келатышат. Мамлекет бизнес чөйрөсүн текшерүүлөрдөн жана контролдук органдардан арылтып бергенден тарта мамлекеттин контролдук системасынын болгон күч-кубаты жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башына түштү. Анткени алардан***

***башка текшере тургандай ким калды? ЖӨБ органдары чыгарып жаткан актыларды жана жазма эскертүүлөрдү контролдук органдар миңдеген, атүгүл он миңдеген жолу текшерүүдө. Мындай иштин экономикалык таасирин эч ким деле талдаган жок. Бирок бир караган кишиге келтирилген зыяндын реалдуу ордун толуктоого караганда мамлекеттин ушундай активдүү иш-аракетине көбүрөөк каражат кетип жаткандай көрүнөт. Акыры жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үнүн эмес, оңтоосун уккан Жогорку Кеңеш бул көйгөйдү мыйзамдык жолдор менен чечүүгө бел байлады. 2015-жылдын 10-мартында эки парламенттик комитет – Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитети жана Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитети биргелешкен отурум өткөрүштү. Отурум жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү оптималдаштыруу боюнча чараларга арналды. “Муниципалитет” журналы депутат К.БОКОЕВдин баяндамасынын текстин сунуштайт. Ошондой эле эки комитеттин биргелешкен отурумунда кабыл алынган чечимди жарыялайт. Анын аткарылышы тууралуу биз сиздерге, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине үзгүлтүксүз кабарлап турабыз. Бизди текшерсеңиз да болот.***

***“М” журналынын редакциясы***



**Кенжебек БОКОЕВ,**
КР Жогорку Кеңешинин депутаты, КР ЖК Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитеттин төрагасы

Дээрлик ар бир жолугушуубузда ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү контролдук-көзөмөл мамлекеттик органдары тарабынан системага салынбаган, башаламан, көп учурда эч жүйөсүз текшерүү процесси жүргүзүлөрүн айтып, даттанып келишет. Текшерүүлөр өтө көп болуп, бирин бири кайталарын, так жол-жоболордун жана регламенттердин жоктугун, текшерүүлөрдүн мөөнөтү аныкталбаганын, ошондой эле ак ниет эмес текшерүүчүлөр тарабынан кыянат пайдалануу болуп жатканын белгилешет.

Бул маселе актуалдуу экени шексиз. Бүгүн мен биздин өлкөдө ушундай көйгөйдүн пайда болуусунун негизги себептерине токтолуп, аны чечүү боюнча өз сунуштарым менен бөлүшкүм келип турат.

ЖӨБ органдарын текшерүүдө башаламан системага бүгүнкү күндө өзгөчө көңүл буруу керектиги талашсыз. ЖӨБ органдарын текшерүүнү өркүндөтүү, тартипке салуу жана мыйзамдар менен жөнгө салуу зарылчылыгы бышып жетилди. Болбосо бул башаламан системанын кесепеттери барган сайын курч терс мүнөзгө айланып баратат.

Менин баамымда, ЖӨБ органдарын текшерүүнү жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү көкөйгө тийген көйгөйлөрдүн негизги себеби төмөнкү факторлор менен шартталган:

1) ЖӨБ органдарында текшерүү жүргүзүүнүн мыйзамдар менен регламенттештирилген бирдиктүү тартиптин жоктугу;
2) ЖӨБ органдарынын функциялар жана ыйгарым укуктар чөйрөсүнүн жүйөсүз кеңейтилиши;
3) мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда мыйзамдарды бузууну болтурбоо боюнча алдын алуу чараларын көрүүгө багытталган тыгыз өз ара аракеттин жоктугу;
4) ЖӨБ органдарынын кадрдык курамынын дараметинин чабалдыгы.

Бул факторлорго кененирээк токтололу.

### ЖӨБ органдарында текшерүү жүргүзүүнүн мыйзамдар менен регламенттештирилген бирдиктүү тартиптин жоктугу

ЖӨБ органдарында текшерүү жүргүзүүнүн мыйзамдар менен регламенттештирилген бирдиктүү тартиптин жоктугу

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу контролдук-көзөмөл органдарынын административдик басымынан азап тартпаш керек. Кээ бир учурларда “кожо көрсүн үчүн” дегендей формалдуу өткөрүлгөн текшерүүлөрдүн жана суроо-талаптардын ашыкча көп болушу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин бир кыйла кыйындатууда. Өзүнүн түз милдеттерин аткаргандын ордуна муниципалитеттердин кызматкерлери убактысынын басымдуу бөлүгүн текшерүүчү органдарга, кайрылууларга жана суроо-талаптарга жооп даярдоого, анын ичинде маморгандардын райондук жана облустук мекемелерине барып келүүгө коротуп жатышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине ашкере көңүлдү төмөнкү мамлекеттик органдар буруuда:

- прокуратура;
- КР Эсептөө палатасы;

- Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин Коррпуцияга каршы кызматы;
- ички иштер органдары;
- КР Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат (Финансы полициясы);
- КР Өкмөтүнө караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция;
- КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция;
- райондук мамлекеттик администрация жана башкалар.

Албетте контролдук-көзөмөл органдары өтө маанилүү функцияны аткарып жатканын жана өзгөчө сөз жарандардын өмүрү, саламаттыгы жана коопсуздугу тууралуу жүрсө, алар өзүнүн функцияларын туруктуу жана сапаттуу аткарууга милдеттүү болгонун унутпашыбыз керек. Бирок контролдук ишмердик ЖӨБ органдарынын ишин токтотпош керек. Далай ирет сандык көрсөткүчтөргө жана айып санкцияларын колдонууга багытталган формалдуу мамиле дайыма эле натыйжалуу ыкма болуп эсептелбейт жана негизгиси муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга алып келе бербейт.

Иш жүзүндө мамлекеттик органдардын бир катар өкүлдөрү ЖӨБ органдарын бир маалда же ортодо бир аз тыныгуудан соң кезек-кезеги менен текшерген учурлар да болуп келет. Албетте мындай кырдаалдын түзүлгөнү текшерүүчү органдар менен ЖӨБ органдарынын, ошондой эле контролдук-көзөмөл органдарынын өздөрүнүн ортосунда өз ара аракеттин бирдиктүү жана түшүнүктүү эрежелеринин болбогонунан кабар берет. Бул нерсе муниципалитеттерге карата текшерүүлөр түрдүү тармактык мыйзамдар жана ведомстволук актылар менен жөнгө салынганынан, алар өз ара бири-бири менен эч координацияланбаганынан болуп жатат.

Тез болуп турчу текшерүүлөр атүгүл кадр маселелерине да таасирин тийгизип, муниципалитеттин башчыларын отставкага кетүүгө мажбурлоодо. Мындай кырдаал муниципалитеттердеги кадрлардын бир орунда кармалбай жатышына себеп болгонун айтпасак да түшүнүктүү.

ЖӨБ органдарын текшерүүлөр канчалык майнаптуу, алардан кийин оң өзгөрүүлөр болуп жатабы, алдын алуу чараларын караштырабы, мыйзамдарды бузууну болтурбайбы, же бул текшерүүлөр мамлекеттик органдар “баш көтөрбөй иштеп жатат” деген элести калыптандырыш үчүн гана жүргүзүлүп жатабы – мына ушуга терең анализ жасалып, кырдаалды жакшылап түшүнүү керек. Коррупцияга карата дүйнө жүзүндө “алтын эреже” бар – коррупция менен күрөшкө кеткен чыгашалардын баасы ал келтирген экономикалык зыяндан ашпаганда гана коррупция менен күрөшүүгө болот. Бул эреже текшерүүлөргө да тиешелүү. Текшерүүлөрдөн кийинки экономикалык эффект ошол текшерүүлөргө кеткен чыгашалардан жогору болсо гана аларды жүргүзүү максатка ылайыктуу болот. Эч ким мамлекеттин ЖӨБ органдарына жүргүзгөн контролдук-көзөмөл ишинен кийинки экономикалык эффектти санап көргөн эмес. Бирок өлкө боюнча күн сайын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын “казып” жаткан жүздөгөн текшерүүчүлөргө мамлекеттик каражатты куру бекер коротуп жатабызбы же жокпу – муну түшүнүү үчүн эсептеп чыгуу керек.

Бул маселе КР Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдарга КРны Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын 2,5-пунктунда ачык чагылдырылган: “Бүгүнкү күндө укук коргоо жана укук колдонуу системасынын абалы коррупцияга каршы турууга жөндөмсүз экендигин айгинелейт, анткени өзүлөрү дагы эле болсо коррупциянын субъектиси болуп саналат.

Ошону менен укук коргоо органдарынын жана атайын органдардын ыкмалары жана каражаттары менен гана коррупцияга каршы күрөшүү – бул мындай социалдык илдетти пайда кылуучу себептер менен эмес, анын кесепеттери менен гана күрөшүүнү билдирип калат”.

Иш жүзүндө акыркы жылдары ишкерчилик субъекттери системага салынбаган текшерүүлөрдөн мыйзамдар менен корголгондон кийин ЖӨБ органдарын текшерүүлөрдүн саны эки эсе өстү.

Айталы, 2007-жылдын 25-майындагы “Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамы күчүнө киргенден кийин ишкердиктин субъекттерин текшерүүлөрдүн саны бир кыйла азайган. Анткени жогоруда аталган мыйзам ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн так эрежелерин белгилеп, атүгүл ишкердиктин субъекттерин текшерүүгө ыйгарым укуктуу маморгандардын толук тизмегин аныктаган.

Мындан тышкары ишкердиктин субъекттерин текшерүүнү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу маморгандардын чөйрөсү КР Конституциясынын 2010-жылдын 27-июнундагы жаңы редакциясынын кабыл алынышы менен да кыскартылган. Эгерде мурда прокуратура органдары менчик формасына карабастан бардык субъекттердин мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бир түрдүү аткаруусуна көзөмөлдү жүзөгө ашырып келсе, КР Конституциясынын жаңы редакциясы прокуратура органдарына төмөнкүлөрдүн гана мыйзамдардын так жана бир түрдүү аткарып жатышын көзөмөлдөөгө уруксат берет:

1) аткаруу бийлигинин органдарынын,
2) ЖӨБ органдарынын,
3) жана алардын кызмат адамдарынын.

КР Конституциясынын жаңы редакциясына ылайык, ишкердиктин субъекттери көзөмөл органдарынын контролунан чыгарылды.

Анткен менен иш жүзүндө башка “буталар” пайда болду, контролдук-көзөмөлдөөчү органдар назарын башка тарапка буруп, жергиликтүү өз алдынча баш-

каруу органдарын дагы да жигердүү текшере баштады, б.а., болгон күчүн ЖӨБ органдарына таштады. Мисалы, райондук прокурорлордун көңүл чордонунда мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар гана кала берүүдө. Тагыраак айтканда, акимиат аппараты, мамлекеттик органдардын 5-6 аймактык бөлүмчөлөрү жана негизинен ошол райондо жайгашкан 8ден 15ке чейинки ЖӨБ органы.

Мен ЖӨБ органдарынын ишине көзөмөлдү алып салууну сунуштаган жокмун. Анткен менен ошол көзөмөлдүн ыкмаларын так системага салып, тартипке келтирүүнү сунуштайм. Менин баамымда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу базалык мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүү керек, же "Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамы сымал ЖӨБ органдарына текшерүүлөрдү жүргүзүүнү тартипке салган өзүнчө мыйзам иштеп чыгуу зарыл.

Жаңы мыйзамда ЖӨБ органдарына текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу контролдук-көзөмөл органдарынын толук тизмегин аныктап алуу менен, текшерүүлөрдүн жыйынтыгына даттануу механизмдери менен пландуу жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгүнө жана тартибине талаптар так белгилениш керек.

## ЖӨБ органдарынын функциялар жана ыйгарым укуктар чөйрөсүнүн жүйөсүз кеңейиши

Сиздердин көңүлүңүздөрдү башка, дагы бир маанилүү маселеге бургум келип турат. Бул – ушул тапта ЖӨБ органдары аткарып жаткан функциялардын жана ыйгарым укуктардын саны. Аларды төрт негизги топко бөлсө болот. Алар:

1) ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктары;

2) ЖӨБ органдарынын берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу жана мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктары;

3) ЖӨБ органдарынын мамлекеттик программаларды ишке ашырууда мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктары;

4) ЖӨБ органдарынын тармактык мыйзамдарды аткарууда мамлекеттик органдардын айрым буйруктарын аткаруу боюнча ыйгарым укуктары.

Эгерде каалаган министрлик өзүнүн гана тармагына тиешелүү тармактык мыйзамдар менен так белгиленген ишин жүзөгө ашырып келсе, ЖӨБ органдары ар бир министрликтин, мамлекеттик агенттиктин же кызматтын иши менен байланышта болуп, өзүнүн да, тармактык мыйзамдарда ЖӨБ органдарына да бекитилген мамлекеттик органдардын да функцияларын жүзөгө ашырууга мажбур.

Мына ушинтип ЖӨБ органдарынын функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнүн мыйзамдар менен жүйөсүз кеңейтилиши албетте ЖӨБ органдары башынан өткөрүп жаткан көптөгөн текшерүүлөрдүн негизги себеби болуп калууда. Ошондуктан өз функцияларын да, көп сандагы мамлекеттик ыйгарым укуктарды да аткаргандын айынан ЖӨБ органдары түрдүү контролдук-көзөмөл органдары тарабынан дайыма текшерүүнүн объектиси болуп келатат.

Ушундан улам мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүү процессин тездетүү зарыл деп эсептейм. Ошондой эле мүмкүнчүлүк болоор замат ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар ЖӨБ органдарына текшерүүнү жүзөгө ашыра турган негизги жоболордун тизмегин мыйзамдарга киргизүү зарыл.

Мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ортосунда мыйзамдарды болтурбоо боюнча алдын алуу чараларын көрүүгө багытталган тыгыз өз ара аракеттин жоктугу;

ЖӨБ чөйрөсүндө мыйзамдуулукту камсыздоо боюнча иштердин натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү резервдеринин бири болуп, ЖӨБ органдарынын контролдук-көзөмөл мамлекеттик органдары менен алдын алуу чараларын колдонууга багытталган тыгыз өз ара мамилеси эсептелет.

ЖӨБ органдарынын контролдук-көзөмөл органдары менен биргелешкен алдын алуу иш-чараларына багытталган тыгыз өз ара мамилеси ЖӨБ органдарынын иш чөйрөсүндө бузууларды гана аныктабастан, аларды келечекте болтурбоо үчүн шарттарды да түзөт.

Акыркы 20 жылда ЖӨБ чөйрөсүндө мыйзамдуулукту сактоону камсыздоо боюнча алдын алуу чараларын колдонууга багытталган ЖӨБ органдары менен конструктивдүү өз ара аракетти ишке ашыруу боюнча контролдук-көзөмөл органдары демилге көтөргөнүн бир да жолу көргөн жокмун деп толук жоопкерчилик менен айта алам. Бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн текшерүүлөр жергиликтүү бюджетте каражаттын жетишсиздиги, же квалификациялуу муниципалдык кадрлардын жоктугу өңдүү эле олуттуу маселелердин бири болуп калды. ЖӨБ органдарында өз шаарынын жана айылынын өнүгүүсүн камсыздоого, жарандардын жашоо сапатын жогорулатууга чын дилинен умтулган тажрыйбалуу жетекчилер жана муниципалдык кызматчылар аз эмес. Бирок, тилекке каршы, алар көзөмөлдөөчү жана текшерүү органдардан түшүнгөн мамилени жана колдоону таба албай келишет.

Контролдук-көзөмөл органдарынын ЖӨБ органдары менен өз ара аракетинин негизги максаты мыйзамдарды бузууну болтурбоо жана текшерүүчү менен текшерилип жаткан органдар ортосунда конструктивдүү диалогду орнотуу болуш керек.

Мындай мамиле түзүлгөн учурда ЖӨБ органдары ачык, конструктивдүү жана эки тараптуу диалог форматында мыйзамдарда бузуулардын пайда болуусуна көмөктөшкөн бардык тараптарды жана факторлорду талкуулоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болмок, ишенимге негизделген мамилелер калыптанмак, мыйзамдардын айрым нормалары боюнча кеп-кеңештерди жана түшүндүрмөлөрдү алуу мүмкүнчүлүгү пайда болмок.

Өз ара аракеттин мындай формалары текшерүүчү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү үчүн да пайда алып келмек. Алар мыйзамдардагы кемчиликтер, тигил же бул нормалардын эки башка чечмелениши тууралуу, мыйзамдарды бузуунун себептерине байланыштуу башка маалыматка ээ болмок. Эң негизгиси контролдук-көзөмөлдөөчү органдардан "жазалоочу орган" деген ярлык алынмак.

Албетте, идеалында мамлекеттик органдардын алдын алуу чараларын колдонуу, конструктивдүү өнөктөштүк мамилелерди куруу зарылчылыгын түшүнүүсү ЖӨБ органдарынын мыйзамдарды сактоосуна жардам берип, мыйзам бузуулардын санын азайтмак. Тилекке каршы чындыгында контролдоочу-көзөмөл органдары ЖӨБ органдары менен өнөктөштүк мамилелерди түзүүгө умтулбайт. Балким алар башка максатты көздөп, же жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен иштин мыйзам бузуулардын саны үчүн жарышка айландырып, сандык көрсөткүчкө гана умтулуп калышы мүмкүн.

Менин ишенимимде, мындай учурда мамлекеттик саясат биринчи кезекте ЖӨБ чөйрөсүндөгү мыйзам бузууларды болтурбоого, алдын алууга багытталыш керек. Тескерисинче болбоого тийиш. Жөн гана контролдук-көзөмөл ишин тартипке келтирип койбостон, эң негизгиси текшерүүчү органдарды алдын алуу чараларын колдонууга жана жеринде кырдаалды жакшыртуу боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашырууга багытташ керек. Контролдук-көзөмөл органдарынын ишин жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн, берилген жазма эскертүүлөрдүн жана укук бузууларга, кылмыштарга байланыштуу козголгон кылмыш иштеринин сандык көрсөткүчү боюнча баалоо практикасынан кетишибиз керек.

## ЖӨБ органдарынын кадрдык курамынын дараметинин чабалдыгы

ЖӨБ органдары өз дараметинин чабалдыгынан мыйзамдарды бузган болушу мүмкүн экенин танбайм. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү текшерүүчүлөрдүн укуктарын жана милдеттенмелерин толук өлчөмдө биле бербейт, бирок буга умтулбайт дагы. Текшерүү жүргүзүүгө укукту тастыктаган зарыл документтерди көрсөтүү тууралуу мыйзамдуу талаптар мамлекеттик органдардын өкүлдөрүндө негизсиз терс реакцияны пайда кылат. Атүгүл текшерүү процесси бир тараптуу өтүп жаткандай көрүнөт. Мында текшерүүчү тарап текшерилип жаткан кызмат адамына же органга карата көбүрөөк укукка ээ. Текшерүүчүлөр муниципалдык кызматчыны моралдык жана психологиялык жактан кысымга алгандай өңдүү туруктуу тенденция бар. Укуктарды жана милдеттенмелерди, ченемдик укуктук актыларды билүү үстөмдүк кылуучу фактор болуп эсептелбейт, ал эми кээ бир учурларда текшерилип жаткан адамдын абалын кыйындатып, этиканы бузуу, документтерди жасап коюу, коррупция, сатып алуу өңдүү өз ара аракеттин терс өнүмдөрүн да пайда кылат.

Текшерүү жүргүзүү маалында мүнөздүү болгон кыйынчылыктарга муниципалдык кызматчылар төмөнкүдөй эки олуттуу факторду кошушат:

- айрым текшерүүчүлөрдүн мамлекеттик кызматчынын этикалык нормаларын бузушу. Бул болсо мыйзамсыз талаптар менен билинет: текшерүүчү муниципалитетте жүргөндө транспорт, тамактануу менен камсыздоону, башка чыгашаларды талап кылат. Ошондой эле мыйзамдык укуктарынан аша чаап, кыянаттык менен пайдалангысы келет – басым жасоо жана опузалоо аракеттери;
- текшерүүлөргө мөөнөттүн жана убакыттын рационалдуу эмес, натыйжасыз бөлүнүшү, бул болсо муниципалдык кызматчынын иш убактысын негизсиз коротуугa алып келет.

Өз кезегинде текшерүүчү органдын өкүлдөрү да текшерүү жүргүзгөн учурда төмөнкүдөй кыйынчылыктарга кабыларын белгилешет:

- ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин аларга жүктөлгөн функцияларды жана ыйгарым укуктарды түшүнбөгөнү жана аткарбаганы;
- мыйзамдарды, КРнын башка ченемдик укуктук актыларды билбегени;
- ЖӨБ органдарында квалификациялуу адистердин жетишсиздини;
- текшерүүчү органдар менен кызматташууга көңүл жоктугу (жетекчилердин жолугушуудан качышы, ЖӨБ орган кызматкеринин бош эместиги);
- мисалы, текшерилип жаткандын чакыруу кагазын көрмөксөнгө салышы ж.б.

Текшерүүлөрдү жүргүзүү маалында жана жыйынтыктарды макулдашкан чакта талаштардын жана жаңжалдардын чечилиши булардын көбү мыйзамдык укуктарды жана мыйзамдарда бекитилген нормаларды колдонбостон жеринде эле чечилип жатканын ырастайт. Бул болсо өзүн-өзү сактоо, текшерүүчү орган менен мамилени бузбоо принциби иштеп жатканынан кабар берет. Анткени бул келечекте терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Текшерүүнүн натыйжаларын жокко чыгарган же ага макул болбогон мисалдар иш жүзүндө өтө аз.

Муниципалдык кызматчынын төмөн квалификациясы жана ченемдик укуктук актыны начар билгени, муниципалдык кызматчынын жана ЖӨБ орган жетекчисинин дараметин жогорулатуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жетиштүү көңүл бурулбаганы бул кырдаалды тереңдетип жатат. Жөнгө салуучу укуктардын жана милдеттенмелердин нормаларын билбестик жана колдоно албоо натыйжада айрым бир мамлекеттик кызматчылардын текшерүүлөр маалында кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусуна жана өз кызыкчылыктарын издей башташына, мамлекеттик кызыкчылыктарды өзүнүкүнө алмаштырып коюушуна алып келет.

Чындыкты айтууга жана түзүлгөн кырдаалды өзгөртүүгө убакыт жетти. М

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин ТЕКШЕРҮҮНҮ ОПТИМАЛДАШТЫРУУ БОЮНЧА Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин жана Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитетинин ЧЕЧИМИ

Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитети жана Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитети Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды жана чечимдерди турмушка ашыруу боюнча контролдук иш-милдеттерди ишке ашыруу максатында төмөндөгүнү белгилейт:

мамлекеттик органдар тарабынан болгон текшерүүлөрдүн системалуу эместиги жана кайталанма текшерүүлөрдүн санынын көптүгү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүнүн жүргүшүнө бир жактуу регламенттөөчү тартиптин жоктугу жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бейөкмөттүк уюмдардын, эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүнүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарына көптөгөн кайрылууларын эске алуу менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин текшерүүнү оптималдаштыруу боюнча Коомдук технологиялар борбору менен өнөктөштүктө «Өнүктүрүү саясат институту» мекемеси тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөнүн материалдарын иликтеп, ошондой эле профилдик Комитеттердин биргелешкен жыйынында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын, бейөкмөттүк уюмдардын өкүлдөрүн жана көз карандысыз эксперттерди угушуп, чечти:

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин текшерүүнү оптималдаштыруу боюнча Коомдук технологиялар борбору менен өнөктөштүктөгү «Өнүктүрүү саясат институту» мекемеси тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөнүн материалдары эске алынсын (тиркелди).

2. Бул маселе Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Бул маселени талаптагыдай мыйзамдык жөнгө салуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин текшерүүнү оптималдаштырууга багытталган зарыл ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу максатында аталган иликтөөнүн материалдарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин 2014-жылдын 25-ноябрындагы (2014-жылдын 03.12деги кир.№ 6-29698/14) чечими менен түзүлгөн жумушчу топтун кароосуна берилсин.

4. Бул маселени талаптагыдай мыйзамдык жөнгө салууга чейин сунушталсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин пландуу жана плансыз текшерүүнү жүзөгө ашыруучу өзүнө баш ийген Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, административдик ведомстволорунун иштерин оптималдаштырсын жана анын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин текшерүүнүн жол-жоболорун тартиптештирүүгө багытталган тиешелүү актыны кабыл алсын.
- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жана Эсептөө палатасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин прокуратура органдары жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмчөлөрү тарабынан текшерүү жүргүзүүнүн жол-жоболорун тартиптештирүүгө багытталган тиешелүү актыны кабыл алсын.

5. Ушул Чечимдин кабыл алынышына байланыштуу Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин 2014-жылдын 25-ноябрындагы чечими менен түзүлгөн жумушчу топтун ишинин мөөнөтү 2015-жылдын 25-апрелине чейин узартылсын.

6. Ушул Чечимдин көчүрмөсү төмөндөгүлөргө жөнөтүлсүн: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасына; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө; Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына; Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына; жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөлөрүнө.

**Адам укуктары, конституциялык мыйзамдар жана мамлекеттик түзүлүш боюнча комитетинин төрайымы**
**Н. НИКИТЕНКО**

**Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча комитетинин төрагасы**
**К. БОКОЕВ**

*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Анэль АСЕЕВА*



# Саясий партиялардын шаардык кеңештин депутаттарын чакыртып алуусу Конституцияга ылайык келбейт деп табылды. Бирок партиялардын депутаттардын тагдырын өз алдынча чечүү каалоосу кала берүүдө

**Бектур ОРОЗБАЕВ,** ӨСИ юристи

2015-жылдын 17-февралында президент “КРнын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Мыйзамга кол койду. Ага ылайык, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө”, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР мыйзамдарына түзөтүүлөр киргизилди. Мындай түзөтүүлөр аталган мыйзамдардагы Конституциялык палата[1] Баш мыйзамга туура келбейт деп таанылган айрым нормаларын чыгарып салуу үчүн киргизилди. Бул депутаттык фракциянын сунушунун негизинде саясий партиянын жетекчи органынын чакыртып алуусу боюнча шаардык кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тууралуу нормалар.

### Мындан ары саясий партиялар депутаттык фракциялардын сунуштарынын негизинде шаардык кеңештин депутаттарын чакыртып алалбайт

Мындан ары саясий партиялар депутаттык фракциялардын сунуштарынын негизинде шаардык кеңештин депутаттарын чакыртып алалбайт

КР Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2013-жылдын 16-октябрында кабыл алынган № 192 КР Мыйзамынын 1-беренесинин

[1] «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2013-жылдын 16-октябрында кабыл алынган № 192 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн сегизинчи абзацынын, 2-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар А.Ш. ОСМОНОВА жана А.А.ТАГАЕВДИН өтүнүчүнүн негизинде козголгон иш боюнча КР Жогорку Сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 4-июнундагы Чечими

5-бөлүгүнүн сегизинчи абзацын, 2-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-беренесинин 1-бөлүгүн Конституцияга карама-каршы келет деп тапты. Дал ушул мыйзамдын негизинде саясий партиялардын жетекчи органдары депутаттык фракциялардын сунушунун негизинде шаардык кеңештин депутаттарын чакыртып алууга ыйгарым укуктуу болчу. Белгилей кетчү жагдай, айылдык кеңештерде партияга таандыктуулугу боюнча депутаттык фракциялар түзүлбөгөндүктөн бул норма айылдык кеңештердин депутаттарына жайылтылган эмес.

Бул маселени Конституциялык палатада кароого А.Ш. ОСМОНОВА менен А.А.ТАГАЕВ аттуу жарандардын арызы негиз болгон. Алар 2012-жылдын 25-ноябрында жергиликтүү кеңештерге өткөн шайлоонун жыйынтыгы боюнча "Өнүгүү" саясий партиясынын бирдиктүү тизмесинен Жалал-Абад шаардык кеңешине депутат болуп шайланышкан. Бирок көп өтпөй, 2013-жылдын 16-октябрындагы №192 мыйзам күчүнө киргенден кийин шаардык кеңештин депутаттарынын "Өнүгүү" фракциясынын курамынан чыгышына байланыштуу аталган партиянын жетекчи органы чакыртып алганынын негизинде алардын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган.

Өз чечимин КР Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы төмөнкүчө түшүндүрүп берди[1]:

"Конституциянын ченемдерине ылайык жергиликтүү кеңештердин депутаттары тийиштүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жашаган жарандар тарабынан Мыйзамда белгиленген бирдей мүмкүнчүлүктөрдү сактоо менен шайланат (112-берене 1-бөлүк).

Жергиликтүү кеңешке депутаттыкка койгон талапкерлерди шайлоо – жарандардын эркинин билдирүүсүнүн түздөн-түз аракети болуп саналат. Артыкчылыктык түрдө жергиликтүү деңгээлде өздөрүнүн өкүлдөрүн шайлоого мүмкүнчүлүгү бар жалгыз субъект катары жергиликтүү жамаат эсептелинет. Шайлоонун негизинде жана шайлоонун жыйынтыгы боюнча гана талапкер жергиликтүү кеңештин депутаты деген кызматты ээлейт. Буга байланыштуу депутаттар элдин өкүлчүлүктүү органы аркылуу элдик суверенитет принцибине ылайык жергиликтүү жамааттын бийлигин алып баруучулар болуп эсептелинет.

Конституциялык укук тармагында депутатты чакыртып алуу – бул депутаттык мандатты берүүгө ыйгарым укуктуу адамдын мандатты мөөнөтүнөн мурда кайра алынгандыгы болуп саналат. Депутатты чакыртып алуу шайлоочулардын эркин билдирүүсү менен тыгыз байланышкан, түздөн-түз демократиянын таризи катары эсептелет, анын негиздери жана жүзөгө ашыруу процедурасы мыйзамдар менен бекитилет.

Чакыртып алуу институту менен депутаттык мандаттын өз ара байланыштардан мандаттын императивдүү же эркин мүнөзү келип чыгат.

[1] Ошол эле жерде.

Эркин депутаттык мандат бул депутатка жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн өзүнүн жеке ишенимдеринин негизинде аракет кылууга мүмкүндүк берген мандаттын мүнөзү, депутат шайлоочулардын суроо-талаптарына байланбагандыкты, ошондуктан аны чакыртып алууга жол берилбестигин билдирет.

Императивдик мандат - шайлоочулардын алдында депутаттын жоопкерчилигин аныктаган, депутатты мөөнөтүнөн мурда кайра чакыртып алууга жол берген депутаттык мандат.

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүндө катары менен төрт жолкудан ашык жергиликтүү кеңештин сессияларына жүйөлүү себепсиз такай катышпагандыгы үчүн, ошондой эле жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткарбагандыгы үчүн жергиликтүү кеңештин депутаттары алардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен тиешелүү кеңештин депутатын чакыртып алуу жөнүндө маселени козгоого укуктуу. Депутатты чакыртып алуу тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат деп көрсөтүлгөн. Демек жергиликтүү кеңештин депутатынын мандаты императивдик мандат болуп эсептелет.

### Кандай гана болбосун, депутатты чакыртып алуу шайлоочулардын эрки менен аныкталып, шайлоого жакындаштырылган жол-жоболордо ишке ашырылышы зарыл

Ошону менен катар саясий партиянын жетекчи органы тарабынан депутатты чакыртып алуу, жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун негизи катары бекитилген шайлоочулар тарабынан чакыртып алуу мүмкүнчүлүгү менен бир катарда караганда партиялык императивдик мандаттын пайда болушуна алып келет.

Депутатты мөөнөтүнөн мурда чакыртып алуу бул мандаттын тагдырын партиялык жетекчи орган тарабынан чечилишине алып келет. Мындай көрүнүш партиянын өз билемдүүлүгүнө жана мандатты чакыртып алууда субъективдүү чечимге жол берет. Ошону менен бирге, депутаттын үстүнөн чектелбеген партиялык жана фракциялык көзөмөлдү орнотууга өбөлгө түзөт.

Тиешелүү депутаттык фракциянын сунушунун негизинде саясий партиянын жетекчи органы тарабынан шаардык кеңештин депутатын чакыртып алуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкарууга эмес, партиялык башкарууга алып келет. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетине саясий партиялардын кийлигишүүсүнө шарт түзөт. Ал эми Конституциянын 4-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасында мамлекеттик, муниципалдык жана партиялык институттардын кошулушуна тыюу салынат.

Демек тиешелүү депутаттык фракциянын сунушунун негизинде саясий партиянын жетекчи органы тарабынан шаардык кеңештин депутатын чакыртып алуу каралган мыйзам ченеми, Конституцияда бекитилген демократиялык принциптерди, ошонун ичинде элдик суверенитет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көз карандысыздык принциптерин бузууга алып келет (2-берененин 1-, 2-бөлүктөрү, 110-берененин 1-бөлүгү)...".

Ошону менен бирге саясий партиянын жетекчи органынын шаардык кеңештин депутатын чакыртып алуусун жокко чыгарган Президент кол койгон мыйзам бир эле учурда депутаттык мандатты мөөнөтүнөн мурда токтотуу учурларынын тизмесин жаңы жобо менен – шаардык кеңештин депутаты фракциядан чыккан учурда анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүнчүлүгү менен толуктайт.

Бул толуктоо "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарын толук ишке ашыруу үчүн киргизилген шекилдүү. Ал жерде шаардык кеңештердин шайланган депутаттары партияга таандыктуулугуна ылайык депутаттык фракцияларга биригишет деп белгиленген. Бирок турмуш көрсөткөндөй, шаардык кеңештердин айрым депутаттары фракциянын курамынан түрдүү себептер менен чыгып, эркин депутат бойдон калып, жергиликтүү кеңеште өз депутаттык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыра баштады.

Мисалы, "Өнүгүү" саясий партиясынын бирдиктүү тизмеси боюнча шайланган Жалал-Абад шаардык кеңешинин депутаттары А.Ш.ОСМОНОВАны жана А.А.ТАГАЕВди чакыртып алууга алардын фракциянын курамынан чыгуу жана шаардык кеңеште эркин депутат катары иштөө тууралуу арыздары негиз болгон.

Балким ошондон улам мыйзам чыгаруучулар мыйзамдагы ушул өңдүү карама-каршылыктарды жоюу максатында депутаттын мандатын мөөнөтүнөн мурда токтотуунун кошумча учурун – фракциядан чыгууну сунушташкан чыгаар.

Анткен менен эксперттердин тыянагына ылайык, мыйзам чыгаруучулар кошумча нормада "оюндун шарттарын" так аныкташкан эмес, депутат фракциядан чыкканда анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу учурларын конкреттүү көрсөтүшкөн эмес. Иш жүзүндө бул норма колдонулган чакта талаш жараткан кырдаал пайда болушу ыктымал.

Тактай кетүү керек – кандай учурда депутаттын фракциядан чыгышы мыйзамдуу болуп эсептелет: эгерде депутат фракциядан өз эрки менен чыкканы тууралуу арыз жазгандабы, бул болсо депутаттын өзүнүн ыйгарым укуктарын өз эрки менен токтотуу тууралуу арызына барабар болот, же эгерде фракция көпчүлүктүн добушу менен өз ыктыярына жараша депутатты фракциянын курамынан күч менен чыгаргандабы? Же жаңы жобо эки кырдаалды тең камтыйбы?

Эгерде депутаттык фракция көпчүлүктүн добушу менен депутатты фракциядан күч менен чыгарса, анда Конституцияга шайкеш келбейт деп таанылган процесс кайра кайталанып калышы ыктымал.

Эгерде депутат анын мандатынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушунун кесепеттери тууралуу билип туруп өз эрки менен фракциядан чыккысы келсе, анда депутатка фракциядан чыгуунун кандай мааниси болот? Ал мындай учурда өз ыйгарым укуктарын өз эрки менен токтотуу тууралуу арыз деле жаза алат да.

Ошондуктан жогоруда айтылган норма так формулировкалоону, конкреттештирүүнү талап кылат. Болбосо практикада талаш жараткан кырдаал пайда болбой койбойт.

# Жергиликтүү кеңештерге жер салыгынын базалык ставкасын көбөйтүү укугу берилди

2014-жылдын 31-декабрындагы №182 "КР Салык кодексине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы менен бардык жергиликтүү кеңештерге айыл чарба жерлерин пайдалангандык үчүн жер салыгынын базалык ставкасын кыртыштын бонитетин, ошондой эле айыл чарба жерлерин пайдаланбагандыгы үчүн ал жеткис күчтүн таасири болгон учурлардан сырткары, календардык жылдын ичинде бирден кем эмес жана үч жолудан ашырбай көбөйтүүгө укук берилген (337-берененин 6-п.). Буга чейин мындай укукка райондук кеңештер ээ болчу. Мындан тышкары салыктын базалык ставкасын эсептөөдө Кз зоналык коэффициентинин мааниси эми жергиликтүү кеңештер тарабынан 3 жылда бир жолу белгиленет (буга чейин жылына бир жолудан көп эмес болчу). Кз зоналык коэффициентинин маанисинин чектери да алмашты. Буга чейин алар бардык калктуу конуштар үчүн жалпы болчу жана 0,3төн 1,2ге чейинки өлчөмдө белгиленчү. Эми болсо жайгашкан жерине жараша болот: 1) Бишкек шаарында – 0,6дан 3кө чейин; 2) Ош шаарында – 0,3төн 3кө чейин; 3) башка калктуу конуштарда – 0,3төн 1,2ге чейин. Бир жагынан бул жергиликтүү бюджетти толуктоо үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр, экинчи жагынан болсо бул жергиликтүү кеңештердин депутаттарынан жерлерди башкаруу боюнча иштерди дагы да кылдат ойлонуп аткарууну, ошондой эле бул маселе боюнча атайын билимге ээ болууну талап кылат. М

# Юристтер шаардык кеңештин суроолоруна жооп берет: жылуулук менен камсыз кылууга тарифтер жөнүндө, фракциялардын биригүүсү тууралуу

**Бектур ОРОЗБАЕВ,** ӨСИ юристи

**СУРОО. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамда (31-берене, 14-п.) шаардык жана айылдык кеңештердин компетенциясына жылуулук менен камсыз кылуу үчүн тарифтерди бекитүү кирери белгиленген. Биздин кырдаалды айта турган болсок, Орловка жылуулук менен жабдуу жана суу берүү ишканасы (ОЖжСИ) 2014-жылдын күз мезгилинен тарта тарифтерди жогорулатты. Бул чечим шаардык кеңеш тарабынан бекитилген эмес. Орловка шаардык кеңеши Орловка шаардык мэриясы менен биргелешип, ОЖжСИге кат жолдогон. Анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамга ылайык, жылуулук менен камсыз кылууга тарифтерди жергиликтүү кеңеш бекитери айтылат. ОЖжСИ жооп кайтарып, жылуулук менен камсыз кылууга тарифтерди бекитүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун компетенциясына кирбей турганын айтып, толук маалымат алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине кайрылууну сунуштаган. Түзүлгөн кырдаалга юридикалык баа берүүңүздү өтүнөбүз.**

ЖООП.Чындыгында эле "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 14-пунктуна ылайык, шаардык, айылдык кеңештин сессияларында муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен камсыз кылууну пайдалангандык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катуу тиричилик таштандыларын жыйнагандык, ташып чыгаргандык жана жок кылгандык үчүн тарифтерди бекитүү боюнча маселелер чечилет.

Көрсөтүлгөн норма соңку болуп эсептелбейт. Себеби аны КР Мыйзамдарына ылайык ишке ашырууну сунуштайт. Аталган маселеге тиешелүү жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары төмөнкүдөй мыйзамдарда көрсөтүлгөн: "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамынын 19-беренесинде; "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамынын 23-беренесинде жана 25-беренесинде.

"Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңеш муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитет.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамынын 23-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, муниципалдык ишканалардын уюмдаштыруучу документтеринде ЖӨБ органы менен муниципалдык ишкананын өз ара мамилелеринин тартиби, ЖӨБ органдарынын ишканаларды түзүү маселелерин чечүү, анын ишинин жүйөсүн жана максаттарын аныктоо, аны кайра уюштуруу жана жоюу, ишкананын жетекчисин дайындоо, ишканага таандык мүлктү тиешелүүлүгүнө жараша пайдаланууга жана сактоого контролду жүзөгө ашыруу укугу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кызмат көрсөтүүлөрдү, дагы башка укуктарды берүүгө карата чыгашалардын сметасын жана тарифтерин бекитүү укугу каралат.

Атүгүл "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамынын 25-беренесине ылайык, ЖӨБдүн аткаруучу органы жергиликтүү жамааттын коммуналдык-тиричилик жана социалдык-маданий муктаждыктарын канааттандыруу үчүн продукция чыгаруу, жумуш аткаруу жана кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык тапшырыгын жүзөгө ашырууга укуктуу.

Муниципалдык тапшырык муниципалдык ишкана же мекеме, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткарылса болот. Мамлекеттик стандарттарга жайылтылуучу жана калкка монополиялык кызмат катары (суу менен жабдуу, канализация, жылуулук берүү кызматтары ж.б.) берилүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык түрлөрүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тарифтерге карата контролун сактоо менен муниципалдык ишканаларга, коммерциялык эмес мекемелерге, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактарга айрым ыйгарым укуктарды берүүгө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары укуктуу.

Ошентип, жогоруда айтылгандардын негизинде, КР мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү кеңештер муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу дагы башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү боюнча ыйгарым укуктарга ээ.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн компетенциясына отун-энергетика комплексинде бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү, отун-энергетика комплексинин продукцияларына жалпы баа саясатын аныктоо, мамлекеттик ишканалар, мекемелер жана уюмдар үчүн экономикага негизделген жана социалдык жактан алгылыктуу баа жана тариф түзүүнүн механизмдерин белгилөө, компетенциясынын чектеринде отун-энергетика комплексиндеги мамилелерди жөнгө салууга багыттал-

ган ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу кирет ("Энергетика жөнүндө" КР мыйзамынын 6-беренеси).

Ошону менен бирге лицензиялоо жана электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтерди белгилөө аркылуу отун-энергетикалык комплексинин субъекттеринин ишин мамлекеттик жөнгө салууну отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – КР Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик жүзөгө ашырат ("Энергетика жөнүндө" КР мыйзамынын 3-беренеси).

Өз кезегинде белгилей кетүү зарыл, Орловка жылуулук менен жабдуу жана суу берүү ишканасы (ОЖжСИ) "Кыргызтуракжайкоммунсоюз" Мамлекеттик ишканасынын ведомство алдындагы уюму болуп эсептелет. Ал болсо КР Энергетика жана өнөр жай министрлигинин карамагында турат.

Буга байланыштуу КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 20-ноябрындагы "Кыргыз Республикасынын 2014-2017-жылдарга карата электр жана жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө" №660 токтому менен, ошондой эле КР Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2014-жылдын 11-декабрындагы "Жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтер жөнүндө" №44 буйругу менен, КР Орто мөөнөттүү тарифтик саясатын ишке ашыруунун алкагында 2014-жылдын 11-декабрынан тартып 2015-жылдын 31-мартына чейин «Бишкекжылуулуктармагы» ААКнын жана «Электр станциялары» ААКнын түзүмдүк бөлүктөрүнүн керектөөчүлөрү үчүн, «Бишкекжылуулуктармагы» ААКнын жылуулук энергиясын буу түрүндө алган керектөөчүлөрү үчүн, ошондой эле жылуулук энергиясын жана ысык сууну «Кыргызтуракжайкоммунсоюз» МИнин, «Бишкекжылуулукэнергиясы» КИнин жана башка ишканалардын отканаларынан алган калк үчүн жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтер белгиленген.

Ошентип, жогоруда аталган мыйзамдардын негизинде жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтерди белгилөө, анын ичинде «Кыргызтуракжайкоммунсоюз» МИнин ведомство алдындагы ишканалары үчүн да белгилөө КР Өкмөтүнүн жана КР Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин ыйгарым укугуна кирет жана аны бекитүү үчүн жергиликтүү кеңештин кароосуна алып чыгууну талап кылбайт.

**Булактар:**

Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди бекитүү боюнча жергиликтүү кеңештердин бекитилген ыйгарым укуктары жөнүндө ЧУА:

- "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамы;
- "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамы;
- "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамы.

«Кыргызтуракжайкоммунсоюз» МИнин жана анын ведомство алдындагы ишканалардын, анын ичинде Орловка жылуулук менен жабдуу жана суу берүү ишканасынын (ОЖжСИ) түзүлүшү тууралуу ЧУА:

- КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 7-июлундагы № 366 токтому;
- КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 2-сентябрындагы № 493 токтому;
- КР Энергетика, өнөр жай жана отун ресурстар министрлигинин 2008-жылдын 8-сентябрындагы № 160 буйругу;
- КР Энергетика, өнөр жай жана отун ресурстар министрлигинин 2009-жылдын 18-майындагы № 139 буйругу;
- Жылуулук энергиясына жана ысык сууга тарифтер жөнүндө ЧУА:
- 1996-жылдын 30-октябрындагы "Энергетика жөнүндө" № 56 КР Мыйзамы;
- КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 20-ноябрындагы № 660 токтому;
- КР Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2014-жылдын 11-декабрындагы № 44 буйругу.

**СУРОО. 2015-жылдын 29-январына чейин Орловка шаардык кеңешинде азчылыктын фракциялары жана көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясы иш алып барып келген. Бирок 2015-жылдын 29-январында азчылыктын коалициясынын "Бардык фракцияларды бир коалицияга бириктирүү жөнүндө" арызы боюнча кезексиз сессия өттү. Кеңеш азчылыктын фракцияларынын коалициясын көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясына бириктирүү менен бардык фракциялардын биригиши тууралуу токтом чыгара алабы?**

ЖООП. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 21-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, шаардык кеңештердин шайланган депутаттары партияга таандыктуулугуна ылайык депутаттык фракцияларга биригишет. Шаардык кеңеште көпчүлүк деп, депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон шаардык кеңештеги фракциялардын коалициясын түзүү жөнүндө расмий жарыялаган фракция же фракциялардын коалициясы саналат. Фракциялардын курамына же көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясына кирбеген фракция же фракциялар шаардык кеңеште азчылык деп саналат. Шаардык кеңештин депутаттары депутаттык фракцияларга же көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясына бириккен учурда азчылыктын фракцияларына же фракциялардын коалициясына бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссияга берилет.

Бул нормага ылайык, Орловка шаардык кеңешинде түзүлгөн кырдаал боюнча төмөнкүдөй тыянак чыгарса болот. Биринчиден, аталган норма жалпысынан императивдик мүнөзгө ээ, б.а., мыйзамда кандай баяндалса, ошондой формада аткарылууга милдеттүү жана даректелүүчүлөрдүн

демилгеси боюнча өзгөртүлүүгө же башкача чечмеленүүгө жатпайт. Экинчиден, бул норма шаардык кеңештин айрым функцияларын милдеттүү түрдө бөлүштүрүү менен депутаттык фракциялардын, көпчүлүктүн жана азчылыктын фракцияларынын коалицияларын түзүүнүн бара-бара баскычтарын көрсөтүп турат. Ошону менен бирге норма депутаттык фракцияларды көпчүлүктүн же азчылыктын фракцияларынын коалицияларына биригүүгө милдеттендирбестен, биригүүнү же бирикпөөнү өздөрү чече турган укукту берет. Ошол эле маалда норма алдын ала шаардык кеңеште эки негизги топ – көпчүлүк жана азчылык милдеттүү болушу керектигин караштырат.

Үчүнчүдөн, бул норма депутаттык фракциялардын же фракциялардын коалициясынын биригүүсүнүн башка учурларын, мисалы, бардык фракцияларды бир көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясына биригүүсүн, же азчылыктын фракциясынын бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына жетекчиликти кабыл алуудан баш тартуусун караштырган эмес. Себеби шаардык кеңеште фракцияларды жана фракциялардын коалициясын түзүү баскычтары, ошондой эле шаардык кеңештин функцияларын фракциялар же көпчүлүктүн жана азчылыктын фракцияларынын коалициясы ортосунда бөлүштүрүү алардын өз ара көзөмөлүн жана кармап туруусун камсыздоо үчүн токтотуу жана каршы салмак принциптеринен улам белгиленген.

Буга байланыштуу шаардык кеңештин бардык фракцияларын бир көпчүлүктүн фракцияларынын коалициясына бириктирүү тууралуу шаардык кеңештин чечими “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-беренесинин 5-бөлүгүнө карама-каршы келет деп эсептейбиз.

# Юристтер жерлерди башкаруу тууралуу суроолорго жооп беришет

**Венера БОЛТОБАЕВА, Бакыт АЙТКУЛОВ,** ӨСИнин консультанттары

**СУРОО. Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жер участогун ижарага алган ижарачы келишимдин шарттарын бузбай, салыктарды өз убагында төлөп келет. Бул ижарачы ижара келишиминин мөөнөтү соңуна чыккандан кийин аукционго катышпастан эле ижара мөөнөтүн узартууга укугу барбы?**

ЖООП. КР Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы №1997-III токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобонун нормаларына ылайык, ижара келишиминин мөөнөтү аяктагандан кийин Ижарачынын ижарага алган жер участокторун колдонуу укугу да бүтөт. Бул жер участогу аукциона аркылуу гана берилиш керек.

**СУРОО. Эгерде короо-жай участогунун аймагында бизнес, мисалы коммерциялык дүкөн (“комок”) ачып алышса эмне кылуу керек? Бизнестин ээлери мындай участок үчүн салыкты багбанчылык-чарба участогу үчүн төлөгөндөй төлөп келишет. Бул мыйзамдуубу?**

ЖООП. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 338-беренесинин 3-пунктунда “... эгер үй жанындагы, короо жай же багбанчылык-чарба жер

***1-таблица. Калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандык үчүн жер салыгынын ставкалары***

| Региондордун аталышы | Калкынын саны миң менен эсептелген калктуу конуштардын жерлери үчүн ставкалар (сом/кв.м) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 5ке чейин | 5тен 10го чейин | 10дон 20га чейин | 20дан 50гө чейин | 50дөн 100гө чейин | 100дөн 200гө чейин | 200дөн 500гө чейин | 500 жана андан жогору |
| Баткен облусу | 0,9 | 1,4 | 1,5 | 1,7 | 1,7 | | | |
| Жалал-Абад облусу | 1,2 | 1,6 | 1,8 | 2,0 | 2,1 | | | |
| Ысык-Көл облусу | 1,2 | 1,6 | 1,8 | 2,0 | 2,1 | | | |
| Нарын облусу | 1,0 | 1,4 | 1,6 | 1,7 | 1,8 | | | |
| Ош облусу | 1,3 | 1,6 | 1,8 | 2,0 | 2,3 | 2,4 | 2,6 | |
| Талас облусу | 1,1 | 1,5 | 1,7 | 1,9 | | | | |
| Чүй облусу жана Бишкек шаары | 1,2 | 1,6 | 1,8 | 2,0 | 2,3 | 2,4 | | 2,9 |

участок же алардын үлүшү ишкердик максатта пайдаланылса, андай участоктор же алардын үлүштөрү боюнча жер салыгы Салык кодексинин 339-беренесине ылайык эсептелет" деп көрсөтүлгөн. 1-таблицада Салык кодексинин 339-беренесинде белгиленген калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалангандык үчүн жер салыгынын ставкаларынын көлөмү региондор жана калктуу конуштардагы калктын саны боюнча алкакта көрсөтүлгөн.

КР Салык кодексинин 3- жана 4-пункттарында КР Салык кодексинин 339-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген жер салыгынын ставкалары Кз экономикалык-пландалуучу зоналар үчүн зоналык коэффициентин жана жер участокторун коммерциялык пайдалануунун Кк коэффициентин колдонуу менен дифференциялана турганы, ошондой эле Кз зоналык коэффициентинин мааниси жергиликтүү кеңештер тарабынан Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо калктуу конуштун экономикалык-пландоо зоналарынын өзгөчөлүктөрүнө жараша үстүдөгү жылдын 1-октябрынан кеч эмес мөөнөттө жылына бир жолудан көп эмес 0,3төн 1,2ге чейинки өлчөмдө белгилене турганы көрсөтүлгөн.

КР СК 339-берененин 6-пунктунда Коммерциялык пайдалануунун уюмдарга жана жеке ишкерлерге менчик же пайдалануу укугунда, жеке адамдарга ишкердик жүргүзүү үчүн пайдаланылчу бөлүгүндө таандык жер участоктору үчүн Кк коэффициенти төмөнкүдөй максаттарга берилген жер участоктору үчүн төмөнкүдөй өлчөмдө белгиленет.

- дүкөндөр, күркөлөр, ларектор жана аянттарына жараша башка соода мекемелери

| Аянты, кв.м | 10го чейин | 10дон 20га чейин | 20дан 35ке чейин | 35тен 50гө чейин | 50 жана андан жогору |
|---|---|---|---|---|---|
| Кз маани | 22,5 | 16,5 | 10,5 | 7,5 | 6 |

- чакан базарлар, базарлар, соода-базар комплекстери – 7,5;
- мал, жем сатуу базарлары – 4,5;
- коомдук тамактануу ишканалары – 3;
- мейманканалык ишкердик ишканалары – 7;
- банктар, күрөөканалар, акча алмаштыруу жайлары – 5;
- букмекердик кеңселер жана тотализаторлор ишин жүзөгө ашырган ишканалар жана дискотекалар – 7;
- кеңселер, бизнес-борборлор, биржалар – 2,5;
- май куюучу станциялар – 10;
- мунай базалары – 1,5;
- унаа токтотмолор, унаа тейлөө ишканалары – 4,5;
- жарнама курулмалары – 50;
- эс алуу жана көңүл ачуу, спорттук-ден соолукту чыңдоо кызмат көрсөтүүлөрү, жеке кызматтарды көрсөтүү ишканалары, эгер ушул беренеде башкача каралбаса – 1,5;
- транспорт ишканаларынын административдик имараттары: аэровокзалдар, автовокзалдар, автостанциялар, темир жол вокзалдары – 0,9;
- өнөр жай, транспорт, курулуш, байланыш жана энергетика ишканалары, эркин экономикалык зоналардын аймактары, эгер ушул беренеде башкача каралбаса – 0,5;
- тоо-кен өнөр жайынын ишканалары, ошондой эле темир жол транспортунун жүктөө-түшүрүү станциялары, темир жол жана аба транспортунун ишканаларынын санитардык коргоо зоналары – 0,3;
- иштетилип жаткан кендер, карьерлер, шахталар, разрездер, күл төгүүчү жайлар - 0,05;
- геологиялык чалгындоо, долбоорлоо-иликтөө, чалгындоо жана изилдөө иштери– 0,005;
- байланыштын жана электр берүүлөрдүн аба линиялары – 0,01;
- илимий мекемелер, билим берүү мекемелери, саламаттык сактоо, маданият, балдардын-өспүрүмдөрдүн дене тарбия-спорт мекемелери – 0,3;
- айыл чарбасындагы өндүрүштүк имараттар (гараждар, оңдоо устаканалары, кырмандар, дан тазалоочу комплекстер, жашылча-картошка сактагычтар, курулуш жана чарбалык жайлар жана айыл чарбалык өндүрүш имараттары) – 0,2;
- коргонуу-спорт-техникалык уюмдар – 0,01.

Каралып жаткан жеке учурда болсо Кз экономикалык-пландалуучу зоналар үчүн зоналык коэффициентин жана жер участокторун коммерциялык пайдалануунун Кк коэффициентин аныктоо үчүн төмөнкү маалыматтарды тактоо талап кылынат: дүкөндүн аянты, калктуу конуштун калкынын саны жана бул дүкөн жайгашкан региондун аталышын.

***СУРОО. Баткен облусундагы согуштук аракеттерге катышкан КР жарандары короо жай, багбанчылык-чарбак участокторун пайдаланганы үчүн салыктан бошотууну талап кыла алабы?***

ЖООП. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 344-беренесинде үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык-чарбак участокторду пайдалангандык үчүн жер салыгын төлөөдөн төмөнкү категориядагылар бошотулушат:

Улуу Ата Мекендик согуштун майыптары жана катышуучулары, мамлекеттер аралык макулдашуулар боюнча Ооганстандагы жана башка өлкөлөрдөгү согушка катышкан аскер кызматчылары, Чернобыль АЭСиндеги кыйроону жоюуга катышкандар, ошондой эле бала чагынан майыптар, I жана II топтогу майыптар;

- кызматтык милдеттерин аткарууда курман болгон же дайынсыз жок болгон аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрү, анын ичинде балдары эрезеге жеткенге чейин;

- пенсиялык куракка жеткен жеке адам;
- 4 жана андан ашык эрезеге жете элек балдары бар жеке адам.

Аталган берененин 2-бөлүгүнө ылайык, жер пайдалануучу анын эркинде болбогон шарттардан улам материалдык чыгымга учураса, жергиликтүү кеңештер 3 жылга чейинки мөөнөткө айыл чарба жерлери боюнча жер салыгын төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошотууга укуктуу.

Мындан улам Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 344-беренесиндеги жобого ылайык, Баткен облусундагы согуштук аракеттерге катышкан КР жарандары үй жанындагы, короо жай жана багбанчылык-чарбак участокторун колдонгону үчүн жер салыгын төлөөдөн бошотуу түрүндө жеңилдиктерге ээ эмес.

**СУРОО. Муниципалитеттин 8 гектар алма багы жана 7 гектар өрүк багы бар. Айыл өкмөтү бул бактарга көз салып туруу үчүн бакчыны штаттык түзүм бирдигине кошууга укугу барбы?**

ЖООП. КР Жер кодексинин 1-беренесинин 26-пунктунда келтирилген “айыл чарба жерлери” аныктамасынан улам алма жана өрүк багы көп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлерге кирет жана мындан улам аларга айыл чарба багытындагы жерлерди берүү маселелерин жөнгө салган мыйзамдар тиешелүү. КР Жер кодексинин 72-73-беренелерине ылайык, айыл чарба багытындагы жерлер жеке жана юридикалык жактар тарабынан үрөн өстүрүү, асыл тукум жана товардык айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүү, коргой турган токой тилкелерин отургузуу, багбанчылык, короо-жай, дачалык курулуш, илим-изилдөө, тажрыйба иштери, ошондой эле айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө байланыштуу башка максаттар үчүн пайдаланылат. Аталган бактар Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) жерлерине караштуу жана төмөнкү максаттарда гана пайдаланылат шекилдүү:

- ачык жана айкын соодалардын негизинде айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнө жана чарба жүргүзүүчү субъекттерге ижарага берүү үчүн;
- үрөнчүлүк, асыл тукум, тажрыйба-селекциялык, эксперименттик чарбаларды жана мамлекеттик сорт сыноочу мекемелерди, ошондой эле айыл чарба кооперативдеринин иштеши үчүн;
- аларды өнүктүрүүнүн бекитилген башкы пландарына ылайык, калктуу конуштардын аймактарын кеңейтүү үчүн;
- аталган чарбанын чегинен тышкары иштеген жана жашаган (анын ичинде ушул чарбадан чыккандар), аталган чарбанын аймагына 1996-жылдын 1-июлуна чейин туруктуу жашоого келген жарандарга орточо чарбалык жер үлүшүн берүү үчүн;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча мамлекеттик жана коомдук муктаждыктарды канааттандыруу үчүн.

Андан ары, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 31-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын штаттык сан-эсеби жана түзүмү Өкмөт тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде бекитилет.

Ошентип, жогоруда саналган нормалардын мазмунунан жана КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” Токтомунан улам, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көп жылдык өсүмдүктөрдү багуу үчүн бакчыны муниципалитеттин штатына кошууга укугу жок деп тыянак чыгарса болот. Атүгүл жергиликтүү коомдук бийлик органы катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын жана милдеттерин алып карай турган болсок, муниципалитет ишкердик иши менен алектенүүгө – айыл чарба продукциясын өндүрүүгө жана бул үчүн бакчы жалдоого укугу жок.

**СУРОО. Эгерде жер колдонуучуда жер участогуна документтери жок болсо, жер салыгы боюнча салыктык милдеттенменин суммасы кантип аныкталат?**

ЖООП. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 336-беренесинин нормаларына ылайык, иш жүзүндө жерди колдонуучуда жер участогуна укукту билдирүүчү документ жок болсо, салыктык базаны физикалык ченөөгө ылайык аныктоо зарыл. Ченөөнү комиссия жүргүзөт. Ал эми анын курамына салык кызматынын тийиштүү органынын, кыймылсыз мүлк объекттерин каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрү кириш керек.

Жер участогун физикалык ченөөчү күн жөнүндө салык кызматынын органы жер участогун иш жүзүндө колдонуучуга ченөө күнүнө чейин 3 күндөн кечиктирбестен кабарлайт.

Жер участогун иш жүзүндөгү пайдалануучу КР Салык кодексинин 82-беренесине ылайык билдирүүнү тапшыруу үчүн каралган тартипте кабарланса да дайындалган убакта келбеген учурда жер участогун физикалык ченөө ансыз жүргүзүлөт.

Жер участогун физикалык ченөөнүн жыйынтыгы эки нускадагы акты менен таризделет, анын бири кыймылсыз мүлк объекттерин каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилет, актынын экинчи нускасы тийиштүү салык органына жер салыгы боюнча салыктык милдеттенменин суммасын аныктоо үчүн берилет.

*Плакаттын автору – "БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014" плакаттар сынагынын катышуучусу Инна ПИСКАРЕВА*

# Жергиликтүү бюджеттердин көз карашынан алынган административдик-аймактык реформа

**Сыймык НУРУНБЕТОВ,** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги




***Акыркы жылдары жергиликтүү бюджеттерди өнүктүрүү жаатында бир топ иштер жасалды. Мисалы, киреше базасын бекемдөө жана кеңейтүү максатында бюджеттер аралык мамилелерди реформалоонун шарттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пайдасына жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн нормативдери көбөйтүлдү, муниципалдык кызматчылардын маянасы жогорулады, жыл сайын коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча колдоо берилип келет, инфраструктураны өнүктүрүүдө жергиликтүү демилгелерди колдоо үчүн бюджеттик камсыздоо теңдештирилүүдө, дем берүүчү гранттар, бюджеттик ссудалар көбөйдү. Ошентсе да муну менен катар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынчалуулугу азайды. Эмне үчүн? Бюджеттик маселелер менен өлкөнүн административдик-аймактык түзүлүшү ортосунда байланыш барбы?***

## Жергиликтүү бюджеттердин абалы

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешеси бир кыйла жогорку деңгээлдеги оокаты тың органынын иш жүзүндөгү чыгашасы бүгүнкү күндө ошондой эле жогорку деңгээлде болууда. Ошону менен бирге инфраструктураны өнүктүрүүгө, инвестициялык долбоорлорду каржылоого каражат жетишпей келет. Атүгүл стандарттык күнүмдүк чыгашаларды жабууга да жетиштүү каражат каралган эмес, республикалык бюджеттен келчү каражаттарга көз карандуулук жогору бойдон кала берүүдө.

Кыргызстанда мыйзам жергиликтүү бюджеттердин көз карандысыздыгын декларациялаганы менен, бардык деңгээлдердеги бюджеттер өзүнчө бир иерархиялык системаны түзүп алышкан, мында деңгээлдер бири-бири менен тыгыз байланышта турат. Эрежеге ылайык, жогору турган бюджет төмөндө турган бюджетке карата белгилүү бир жөнгө салуучу ролду карманат. Бул болсо социалдык-экономикалык процесстерди башкарууну борлоштуруу деңгээлине жараша болот. Бул функция бүгүнкү күндө да сакталууда.

Буга өткөн мезгилден бери мураска калган административдик-аймактык бөлүштүрүү себеп. Ал эми буга дотациядагы муниципалитеттердин санынын дээрлик өзгөрбөй жатышы далил. 2012-жылы дотацияда 394 болсо, 2014-жылы 386 болду. Ошону менен бирге жалпы санга карата дотациядагы ЖӨБдүн үлүшү өзгөргөн жок (дотациядагы ЖӨБ органдарынын абсолюттук саны бир аз азайганы менен, жалпы саны өстү, мындан улам алардын үлүшү мурдагы деңгээлде эле кала берди).

Салык мыйзамдарына киргизилген өзгөрүүлөр, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөрдүн нормативдерин жөнгө салуу, кеңири масштабдагы финансылык теңдештирүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киршесинин өсүшүнө оң таасирин тийгизди. Анткен менен жыл сайын баалардын жана тарифтердин өсүшү, айлык акынын көбөйүшү да ошол жылы республикалык бюджеттен компенсациялана турган чыгашалуу милдет-

тенмелердин да өсүшүнө алып келди. Мунун айынан көп учурда дотациялар түрүндө республикалык бюджетке кошумча жүк болууда. Бул болсо дотациядагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын азайышына эч таасирин тийгизбей келет.

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги принциптери болуп өзүн-өзү камсыз кылуу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү каржылоо эсептелет. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чектелүү мүмкүнчүлүктөрү алардын "берсең-жедим" маанайын күчөтүүдө. Ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик процессти жүзөгө ашырууга толук киришкен жок. Өзгөчө бул жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүүгө жана аткарууга тиешелүү. Бул болсо жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгүндө түздөн-түз көрүнүп калууда. Бюджеттик процесске тиешелүү көптөгөн суроолор мамлекеттик органдарга бекитилген жана ЖӨБ органдарынын бюджеттик милдеттенмелери боюнча жооп бербейт. Бул чечилбеген суроолордун баары көптөгөн маселелерди да жаратууда.

### Калктын жана салык базасынын тегиз бөлүштүрүлбөшү

Административдик-аймактык түзүлүштүн чийкилиги да негизги көйгөй бойдон кала берүүдө.

Аймактар боюнча орундашуусун алып караганыбызда Талас, Нарын, Ысык-Көл өңдүү облустарда бир административдик-аймактык бирдикке туура келген калктын саны Чүй, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарына салыштырмалуу бир кыйла аз. Бул облустарда калктын саны 5, атүгүл 10 эсе көп.

Ушуга ылайык киреше базасы да тең эмес. Калк жыш жайгашкан алыскы аймактарда колдо болгон киреше мүмкүнчүлүктөрү жетиштүү эмес. Ал эми калкынын саны салыштырмалуу аз болгон аймактарда бул көрүнүш таптакыр башкача болушу мүмкүн.

Жергиликтүү бюджеттердин бардык киреше базасынын 52% ашыгы Бишкек шаарында жана 453 айыл өкмөттүн 24,6% гана топтолгон. Бул болсо киреше базасынын бир калыпта эместигинен кабар берет.

Региондорду өнүктүрүү программаларындагы негизги өзөктүк багыттар региондордун бюджеттик системасынын эффективдүүлүгүн жогорулатууну, социалдык-экономикалык өнүгүүнү, инвестициялык жагымдуулукту жакшыртууну ж.б. максат кылат. Анткен менен бул көп деле оң жыйынтыкка алып келе алган жок. Жергиликтүү органдар чакан жана орто бизнестин өнүгүүсүнө көбүрөөк даражада таасирин тийгизе алат. Бирок ишкердиктин түрлөрүнүн өзгөчөлүгүнөн улам салыктардын бул түрү боюнча салык алуу айыл өкмөтүнө караганда ири шаарларга көбүрөөк мүнөздүү көрүнүш.

Административдик-аймактык бөлүү реформаларын өткөрүү зарылчылыгын караганда төм. негизги себептерди бөлүп кароого болот:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалынын бир калыпта эместиги (айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ашыкча камсыздалышы, көпчүлүк жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дотациядан чыга албай жатышы);
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чабал материалдык-техникалык базасы;
- орундашуунун бир калыпта эместиги (500-1000 киши жашаган айыл өкмөтү менен 5000-42000 киши жашаган айыл өкмөтү);
- "берсең-жедим" деп отура берүүчүлүк маанайдын күч алышы;
- баалардын жана тарифтердин, айлык акынын жогорулашына байланыштуу чыгашалуу милдеттенмелердин өсүшү жана ЖӨБ органдарынын өз алдынчалуулугунун бошоңдошу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында киреше булактарын көбөйтүү жана салык төлөөчүлөр менен натыйжалуу иш алып баруу жаатында стимулдун жана мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу;
- муниципалдык кызматчылардын, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын кесипкөйлүгүнүн төмөндүгү жана жергиликтүү деңгээлде адам ресурстарын майнапсыз башкаруу, кадрлардын токтобой жатышы;
- шаарлар менен айылдык аймактардын, ошондой эле айылдык аймактардын өздөрүнүн арасында социалдык-экономикалык потенциалдын ажырымы.

### Реформанын артыкчылыктуу милдеттери

Ошону менен бирге реформаны сапаттуу илгерилетүүдө алгачкы милдеттердин бири болуп төмөнкүлөр эсептелет.

Мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда функцияларды жана ыйгарым укуктарды, ошондой эле чыгашалуу милдеттенмелерди ажыратуу (коргонуу, коомдук тартип, билим берүү жана социалдык жактан камсыздоо жаатында милдеттенмелердин аралашуусу). Ушул кезге чейин билим берүү системасында аныктык жокко эсе: каржылоонун жан башына принцибине ылайык, каржылоо КР Билим берүү жана илим министрлигинин карамагына өткөрүлгөн. Анткен менен чыгашалардын бир бөлүгү (коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, объектти күтүү) каржылоонун стандартынын тышында кала берүүдө, б.а. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көтөрүүдө. Бул жерде жан башына каржылоо стандартынын принциби иштебейт. Ушундан улам мыйзамдарда карама-каршылыктар пайда болууда. Айрым мекемелер толугу менен жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат, анын ичинде айлык акы да. Бирок тармактык аймактык бөлүмчөлөргө баш ийет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы). Бул чыгашалар 2015-2016-ж.ж. трансферттин өзүнчө түрү катары бюджеттер аралык трансферттердин курамына кошулат. Б.а., бул дотация жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары дотациялык болобу, же оокаттуу болобу, буга карабастан баарына кайтарымсыз негизде бөлүнөт. Мындай учурда «дотациялык» деген түшүнүк туура келбей калат. Анткени трансферттердин бардык түрлөрү дотациялыктарга кайтарымсыз негизде же бир жолку (Өкмөттүн чечимине байланыштуу), же бюджеттик ссуда түрүндө кайтарымдуу негизде (келишимдин негизинде) бөлүнөт. Теңдөө принциби да жергиликтүү бюджеттерде актуалдуулугун жана баарын камтыган ролун жоготот. Б.а., бул трансферт жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларынын өзүнчө бөлүгүн кошо албай калат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биригүү критерийлеринин объективдүү негизде (абалы, тартиби - экономикалык демографиялык, географиялык) же жеринде субъективдүү негизде биригүүлөр (макулдашуу, менталитет, каада-салттар).

Мамлекеттик башкаруунун вертикалы тууралуу маселени чечүү. Бириккен учурда губернаторлук, акимиат институттарынын жана ортодогу органдардын ролу кандай болот? Мисалы, эгерде ар бир райондо 6 район 6 айыл өкмөттөн болсо, анда облус боюнча 36 айыл өкмөтү бир чоң район катары болот. Ушул жерде ошол 36 айыл өкмөтүн өнүктүрүүдө акимиат институтунун ролу тууралуу суроо жаралат. Жалпысынан республика боюнча 252 айыл өкмөтү жана 31 шаар болуп калат.

Бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын экинчисин өнүктүрүүдө жана орун алуусунда ролу. Терс трансферттер. Айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биригүүсүнүн натыйжасында абдан оокаттуу жаңы «муниципалитеттер» пайда болот. Алар кошуна жайгашкан жаңы аз камсыздалган «муниципалитеттердин» өнүгүүсүндө өзүнчө бир чечүүчү роль ойной алат. Ошентип бул жакынкы келечекте жаңы ийгиликтүү шаар түзүүчү чынжырдын пайда болуусу үчүн пайдубал болуп эсептелет. Трансферттин бул түрү социалдык өнөктөштүк принциптерине жооп берет.

### Муниципалитеттерди ирилештирүүнүн эл аралык тажрыйбасы

Өлкөнүн административдик-аймактык түзүлүшү анын мамлекеттик уюшмасынын маанилүү элементи болуп эсептелет. Бул институт табигый-географиялык, социалдык-экономикалык жана демографиялык факторлордун, мамлекеттик башкаруунун керектөөлөрүнүн таасири алдында пайда болду.

Бул түзүлүш көп учурда өтө эле консервативдик мүнөзгө ээ жана адатта түп-тамырынан баштап өзгөрүүлөргө чанда гана кабылат. Мамлекетти уюштурууда башка өңүттөрүнө таасирин тийгизчү жаңы Конституция жана конституциялык мыйзамдар кабыл алынган күндө да олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбойт.

АКШ, ГФР, Испания, Италия, Швейцария өңдүү кубаттуу мамлекеттерде азыркы административдик-аймактык системанын маанилүү элементтери XIX кылымда эле пайда болгон. Ал эми Британияда бул негиздер феодализм дооруна барып калат. Жапонияда административдик-аймактык бөлүү Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийин эле биротоло соңуна чыккан.

Ошондуктан чет өлкөлөрдөгү административдик-аймактык бөлүү системасында территориясы боюнча чакан, жашап кетүүсү үчүн экономикалык, айрым бир учурда демографиялык да негизин жоготуп алган эски аймактык бирдиктер ушул кезге чейин сакталып калган. Бир категорияга кирген административдик-аймактык бирдиктерде аймактын көлөмүндө, калктын санында жана экономикалык потенциалында олуттуу айырмачылыктары ушул убакытка чейин сакталууда.

80-жылдардын соңунда Британияда, ГФРда жана Францияда административдик-аймактык бөлүүдө реформалар жүргүзүлгөнүнө карабастан бул өлкөлөр жогоруда саналып өткөн кемчиликтерди жойгон эмес.

Административдик-аймактык бирдиктердин ирилешүүсү терең ойлонуштурулган жана текшерилген стратегиялар менен тактикалар колдонулганда аларды ишке ашыруу экономикалык өсүшкө көмөктөшөт, региондор аралык социалдык айырмачылыктарды жумшартууга, региондо жана жалпысынан өлкөдө коомдук-саясий кырдаалды турукташтырууга жол ачат.

Башка өлкөлөрдөгү административдик-аймактык бөлүү кантип жүргөнүнө көз жүгүртөлү.

Казакстанда (1997-жылдын 22-апрели) президент Нурсултан Назарбаевдин демилгеси менен өткөн. «Казакстан Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө» Мыйзамы. Чек араларды башкача кылып өзгөртүүнүн өзү орундашуунун структурасын өзгөрткөн эмес. Бирок республиканын ичинде калктын урбандашып жаткан катмарынын жогорку миграциялык жигердүүлүгүн эске алганда жагымдуу шарттарды түзүп берген. Төмөнкүдөй өзгөрүүлөр орун алган: Талды-Курган Алматынын курамына Талды-Курган шаарындагы борбору менен кирген. Тургай облусу Кустанайдын курамына кирген, Кокчетав облусу Акмола менен Түндүк-Казакстан облустары ортосунда бөлүнгөн, Жезказган Караганда облусунун курамына кайтып келген, ал эми Семипалатинск Чыгыш-Казакстан облусунун курамына кирген.

Согуштан кийинки Европа үчүн муниципалдык

түзүлүштөрдүн ирилешүүсү бардык жерде орун алган, бир катар өлкөлөрдө муниципалитеттердин көлөмү боюнча чектөөлөр киргизилген.

Ирилештирүү тажрыйбасы оң да, терс да болгон. Муниципалитеттерди «буйрук менен бириктирүү» аракети атүгүл Франция өңдүү жогорку деңгээлде борборлошкон өлкөлөрдө да ийгиликсиз аяктаган.

Муниципалитеттер ыктыярдуу негизде бириккенде гана аракет ийгиликтүү аяктаган. Жаңы чек аралар «жогору» жактан жүргүзүлгөн күндө да бул иш муниципалдар аралык кооперациялардын жана кымбат баалуу изилдөөлөрдүн узакка созулган тажрыйбасынын негизинде жасалган. Бул болсо муниципалитеттердин чарбалык, тарыхый жана маданий байланыштарын ар тараптан эсепке алууну камсыздаган.

Франция өзүнүн административдик бөлүүсү боюнча Европанын бардык өлкөлөрүнүн ичинен эң «чачкын» болуп эсептелет. Өлкөдө 36.000 коммуна (калктуу конуш) бар, болгондо да алардын үчтөн биринде болгону 200 киши жашайт. Франциялык коммуналарды ирилештирүү реформалары 1890-жылдан 2010-жылга чейин жүргүзүлгөн. Мунун натыйжасында Францияда бүгүнкү күндө коммуналдар аралык бирикмелерден метрополдук шаарларга чейин кайталанма коммуналар ортосунда кызматташтыктын ондогон түрлөрү бар.

Францияга Наполеон доорунан мураска калган департаменттер тууралуу айта турган болсок, бүгүнкү күндө Европанын көз карашынан да, Франциянын өзүнүн ченеминен алып караганда да алар өтө майда административдик бирдиктер болуп эсептелет.

Швецияда кызматташкан муниципалитеттер айылдар арасындагы аймактарды өздөштүрүүнүн негизинде шаарлардын тегерегинде бириккен. Биротоло аягына чыккан муниципалдык биригүү блоктордун түзүлгөн системасын бекиткен.

Данияда округдардын чек арасын аныктоо үчүн изилдөө жүргүзүлгөн. Ал калыптанып калган соода зоналарын (44 зона), эмгек ресурстары топтолгон зоналарды (123 «тартылуу борбору») жана атүгүл жергиликтүү гезиттерди сатуу жана жеткирүү чек арасына чейин башка бирине бири таасир этчү чөйрөлөрдү пайда кылган жана бири-бирине көз карандуулуктун толук сүрөтүн берген. Түрдүү типтеги коомдук кызмат көрсөтүү үчүн «масштаб эффектисине» деталдуу эсеп жүргүзүлгөн. Ал мисалы, карылар үйү калктын саны 3500-5000 киши болушу керектигин, ал эми үйгө келип жардам берүү системасы калкы 4000-5000 кишиден турушун талап кыларын көрсөтө алган. Мыйзам менен муниципалдык бөлүүдө өзгөрүүлөр принциптери бекитилген (округдар элеттик муниципалитеттерди жана шаарларды камтыйт; бир шаар – бир муниципалитет, бул болсо шаардын өнөр жай жана башка өнүгүү үчүн аймак менен камсыздалгандыгын болжойт). Бул принциптерди колдонмого алып, деталдуу изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу менен Даниянын Жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоо боюнча комиссиясы округдарды түзүү сунуштарын иштеп чыккан. Ал сунуштар муниципалитеттерге талкуу үчүн жиберилген жана биригиши керек болгондор менен макулдашкандан кийин гана борбордук бийлик тарабынан бекитилген[1].

Финляндияда 20 жыл мурда муниципалитеттердин санын «жогору» жактан азайтууга олуттуу аракет жасалган, Швеция менен Даниядагыдай план иштелип чыккан. Бирок аймактык реформа боюнча саясий талкуулардын натыйжасында биригүү ыктыярдуу болуш керек деген принцип жеңип кеткен. Параллелдүү түрдө мамлекеттик ыйгарым укуктарды – мектепте билим берүү жаатында кызмат көрсөтүү, балдарга кам көрүү ж.б. – аткаруу үчүн мамлекеттик субсидиялар системалары түзүлгөн. Мамлекет кошумча субсидияларды берүү менен муниципалитеттердин биригүүсүнө дем берет. Башкача айтканда реформа административдик жол менен жүрбөстөн, экономикалык жактан дем берүү аркылуу өтөт.


Мурдагы социалисттик лагерге кирген өлкөлөрдө – Польша менен мурдагы ГДРде – жергиликтүү өз алдынча башкаруу реформасын жүргүзүү тажрыйбасын да белгилеп коюу зарыл.

Польшанын мыйзам чыгаруучулары 1990-жылдары эле Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Европа хартиясынын негизги жоболорун улуттук актыларына киргизип койгон. 1990-жылдын январында Польшада жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзам күчүнө кирген. Ага ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу субсидиярдуулуктун жана жарандардын укуктарынын артыкчылыктары принциптеринин негизинде жүзөгө ашууга тийиш. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруунун базалык негизи катары гмина (жамаат) тандалып алынган. Жергиликтүү жамааттын башкаруучулук иши гминалык (жергиликтүү) өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүзөгө ашырылат. Анын, муну менен катар Польшадагы мамлекеттик бийлик органдарынын да негизги милдети – жашоочуларга кызмат көрсөтүү.

СССРде 1923-жылы административдик-аймактык реформа башталган. Эски губерниялык бөлүүлөрдүн ордуна өлкөнү райондорго бөлүү пландаштырылган. Реформанын максаты административдик-аймактык бирдиктердин санын кыскартуу, башкаруу аппаратын жөнөкөйлөштүрүү жана арзандаттуу болгон.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан үчүн объективдүү, алгылыктуу өзгөчөлүктөрдү эсепке алуу менен, эгерде административдик-аймактык реформаны өткөрүүдө таразаланган мамиле колдонулса, анда Кыргызстан үчүн жогоруда аталган өлкөлөрдүн оң тажрыйбасы абдан пайдалуу болмок.

[1] Жергиликтүү өз алдынча башкаруу. Даниянын жергиликтүү бийликтеринин улуттук ассоциациясы жана Орусия шаарларынын союзу, 1995



# Ош шаарынын тургундарынын жергиликтүү бюджеттик процесске катышуу тарыхы тууралуу

**Гульгакы МАМАСАЛИЕВА,** “Интербилим ЭБ” коомдук уюмунун Оштогу филиалынын жарандык коомду жергиликтүү өз алдынча башарууга тартуу боюнча программасынын координатору

## Биринчи кадамдар – бюджет боюнча коомдук угуулар

Калктын Ош шаарынын бюджеттик процессине катышуу практикасы 2007-жылы түштүк борбор калаанын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандык коом уюмдары менен биргелешип бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрө баштагандан тарта башталды. Бирок ошондо, сегиз жыл мурда угуулар маалыматтык мүнөзгө ээ болчу. Муниципалитет өткөн жыл үчүн бюджеттин аткарылышы тууралуу маалыматты жарандарга көбүнчө бир тараптуу тартипте берип, кийинки жылга пландалган чыгашалар тууралуу жашоочулардын ой-пикирлерин жарым-жартылай чогултуп келген. Бирок жарандардын бюджеттик процесске чындап катышуусу байкалган эмес. Себеби мэрия жана шаардык кеңеш канчалык деңгээлде шаардыктардын пикирине кулак төшөй турганы түшүнүксүз болчу. Алгачкы бюджеттик угуулар Ош мэринин башкаруусу алдында өтчү жана жарандар бул иш-чараны кезектеги коллегия же мэриянын калк менен жолугушуусу катары кабылдачу.

Бирок андан кийин кырдаал өзгөрүп, жергиликтүү кеңеш бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү демилгесин өз колуна алды. Бул болсо угууларга дагы да жогорку статус берип, ал эми мэриянын ролу өзгөрө түштү – башкы уюштуруучу жана талкуунун “кожоюнунан” мэрия катышуучуга айланып калды. Бул болсо аткаруучу органды шаардын бюджеттик маалыматка карата реакциясына дагы да дыкат мамиле жасоого түрттү. Ошентип 2008-жылы эле бюджет боюнча коомдук угууну өткөрүүнүн мыкты практикасына жарыяланган сынакта шаар экинчи орунду ээледи[1].

Бара-бара бюджет боюнча коомдук угуулар шаардын салтынка айланып калды. Эгерде буга чейин коомдук уюмдардын өкүлдөрү жергиликтүү кеңештен угууларды өткөрүүнү суранып келсе, бүгүнкү күндө Ош шаарынын кеңеши муну өз эрки менен, эч кандай кеп-кеңешсиз жана эскертүүлөрсүз ишке ашырып келет. Ошондой эле кыргызстандык жана эл аралык бейөкмөт уюмдар менен кызматташтык маселелеринде жергиликтүү кеңештин тажрыйбасы да артты. Айталы, 2014-жылы IRI эл аралык уюму менен өнөктөштүктө жергиликтүү кеңештин сайты пайда болду.

[1] Сынакты жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча долбоор өткөрдү, аны болсо Урбан Институтунун Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгү аткарды.





## Бюджеттик демилгелүү топ – чыгашаларга мониторинг жүргүзүүнүн алгачкы тажрыйбасы

Ошто угуулардан тышкары жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун башка механизмдери да колдонулуп келет. Аны менен катар 2007-жылы "Интербилим" Бюджеттик демилгелүү тобу (БДТ) түзүлгөн. Аталган топ бюджеттик угуулардын алдында шаардын түрдүү райондорунда калктын керектөөлөрүн баалап турду. Бул болсо калктын керектөөлөрүнө жоопторду жергиликтүү бюджетке кошуу максатында жасалып жатты. 2008-жылы БДТ жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын колдонулушуна мониторинг жүргүзүп, шаарды ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча бюджеттин чыгашалары канчалык деңгээлде калктын керектөөлөрүн канааттандырганынын жыйынтыгын текшерди. Бул практика көрсөткөндөй, адатта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары "салым" менен "жыйынтык" түшүнүктөрүн чаташтырып келишет. Колдонулган акча менен аткарылган жумуштарды жыйынтык катары көрсөтүшөт. Чын-чынына келгенде бул – көйгөйдү чечүүгө салым гана болуп эсептелет. Ал эми жыйынтыкты – шаардыктардын ичүүчү сууга жеткиликтүүлүгүн – баалашпайт. БДТ башка жолду – ичүүчү суунун трубаларын алмаштырууга сарпталган жергиликтүү бюджеттеги каражатты колдонуунун жыйынтыктарын биргелешип баалоо жолун тандады. Аны менен катар акчанын көлөмү жана трубанын узундугу эмес, турак жайлардын ар башка кабаттарында ичүүчү суу кандай ылдамдык менен кадимки челекти толтурары өлчөндү.

2009-жылы БДТ жергиликтүү коммерциялык эмес уюмдар менен биргелешип, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн кеңейтүү максатында муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү башкарууну жакшыртууга катышты. Муниципалдык жерлерди инвентаризациялоо жүрүп, мунун натыйжасында колдонуучулары жана ижарага алуучулары салык төлөбөй келген муниципалдык жерлер аныкталды. Ошондон кийин муниципалдык жерлерди башкаруу системасын саясий реконструкциялоо жүрүп, биргелешкен инвентаризация, муниципалдык жерлерди колдонуунун электрондук эсеби, коомдук экспертиза өңдүү механизмдер киргизилди. Бул чаралар жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн 15% көбөйтүүгө алып келди.

## Калктын башкаруу органдарына гана эмес, башкаруу органдарынын жарандык коомго карата дагы ишеними өсүш керек

Айкындуулукту арттыруу жана жергиликтүү бюджеттерди башкарууну жакшыртуу максатында ишке ашкан кызматташтыктын оң практикасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү коомдук уюмдарга болгон ишеним деңгээлинин өсүшүнө алып келди. Бул ишеним жылдар бою, баскыч баскычы менен калыптанып отурду. Жергиликтүү кеңеш социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган коомдук уюмдардын долбоорлорун жергиликтүү бюджеттен он пайыздык кошо каржылоо тууралуу токтомду 2009-жылы эле кабыл алган.

Оштун коомдук уюмдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен түзүлгөн байланыштын жана кызматташтыктын жыйынтыктары менен сыймыктанат. Бул кызматташтыктын жемиши бюджет чөйрөсүндө гана эмес, ошону менен бирге калктын жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүдө, жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча калкты активдештирүүдө да билинип турат.


2012-жылы мэрия "Интербилим-Оштун" жарандарды жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө тартуу максатында жергиликтүү демилгелердин фондун түзүү боюнча идеясын колдоду. Ош шаарынын жашоочуларынын идеяларын кошо каржылоого жергиликтүү бюджеттен 20 млн. сом бөлүнгөн. Бул акча жамааттын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган бардык чыгымдардын 30дан 40 пайызга чейинин жабат. Бул практика бүгүнкү күнгө чейин уланып келүүдө.



## Кызматташтыктын борбору – жарандардын бюджеттик процесске катышуусун институционалдаштыруу

2013-жылы мэрияга караштуу Кызматташтык борборунун ачылышы Ош шаарынын мэриясы менен коомдук уюмдардын ортосундагы эффективдүү коммуникациялардын жаңы баскычы болуп калды. Кызматташтык борборунун ишинин натыйжасында Жергиликтүү демилгелер фондунун акчасын колдонууда айкындуулук күчөтүлүп, жашоочулар табыштамаларды он-лайн режиминде берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. 2013-жылы бюджеттик угуулар маалында Кызматташтык борбору жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө калктын салымынын таасирин сандык маалыматтар түрүндө көрсөтүп бере алды. Бул болсо ЖӨБ органдары менен жарандардын кызматташтыгынан түшкөн пайданын жакшы далили болуп берди. Кошо каржылоо түрүндө жергиликтүү бюджеттин акчасы өз каражаттарын бириктирүү үчүн жарандарга дем берди.

2014-жылы Ош шаарынын жергиликтүү кеңеши “Интербилим-Ош” жана Өнүктүрүү саясат институту менен биргелешип, бюджеттик маалыматты чагылдыруунун жаңы форматын – Жарандык бюджетти киргизди. Жыл бою түрдүү аянтчаларда калк менен бирге бюджеттин чыгашалары талкууланып келди; бюджеттин көлөмү чакан болуп турган чакта бардык керектөөлөрдү кантип канааттандырса болоруна түшүндүрмөлөр берилип турду. Бул жергиликтүү кеңешти 2015-жылга керектөөлөрүн талкуулоо үчүн Ош шаарынын он үч аймагынын тургундары менен жолугушууларды уюштурууга түрттү. Жергиликтүү кеңеш бул практиканы биринчи жолу колдонду. Жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча балдардын муктаждыктарына жана жашылдандырууга багытталган каржылоону кеңейтүү тууралуу чечим кабыл алынды. Натыйжада Оштун 2015-жылга бюджетине Жашыл чарбаны өнүктүрүүгө, андан ары өзүн-өзү каржылоо максатында чарбаны бекемдөөгө, жыйноо үчүн аймакты кеңейтүүгө, ошондой эле короо жай участокторунда балдар оюну үчүн аянтчаны курууга чыгашалар каралды.




ЖӨБ органдарынын жарандык коом уюмдары менен үзгүлтүксүз кызматташтыгы бийликтин ачык бюджеттик саясат жүргүзүүгө ыктаганын тастыктайт. 2015-жылга жергиликтүү бюджеттин айкындуулугу боюнча иш пландарынын үч түрү кабыл алынды. Жергиликтүү кеңеш калк менен кайтарым байланыш боюнча өз планын иштеп чыкса, мэрия менен БДТ өз пландарын даярдашты.

## Жарандардын бюджеттик процесске катышуусунун эффективдүүлүгүн арттыруу жана кеңейтүү үчүн эмне кылыш керек?

Биринчиден, ЖӨБ органдарынын саясий эрки, алардын жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугуна негизделген башкарууга ыкташы – бул болсо жергиликтүү чечимдер (ЧУА), биргелешкен иш-чаралар, коомдук уюмдар менен ачык кызматташтык түрүндө билинет. Мисалы, Ош шаарында 2014-2017-ж.ж. өнүгүүнүн социалдык-экономикалык программасын ишке ашыруунун принциптери – ачыктык, айкындуулук, катышуу болуп калды.

Экинчиден, жергиликтүү бийликтен айкындуулук жана натыйжалуулук саясатын ишке ашырууну талап кылган, диалогду өнүктүрүүгө жана пайдалуу сунуштарды берүүгө жөндөмдүү эксперттик потенциалга ээ болгон жигердүү жарандык коом.

Үчүнчүдөн, жарандык бюджет чөйрөсүндө ЖӨБ органдары менен коомчулук институттары ортосунда байланышты ырааттуу, баскыч-баскычы менен жана үзгүлтүксүз өнүктүрүү.

Төртүнчүдөн, муниципалитет лидерлери тез алмашкан шартта коммуникацияны жана жарандык ишти улантып келаткан калктын жигердүү бөлүгү түрүндө институционалдык эс-тутум.

Албетте, ЖӨБ органдары менен жарандык коом ортосундагы коммуникация – ачык жана айкын бюджетке жетүү үчүн башкы шарт. Ош шаарынын жарандык бюджетинин бардык механизмдери түрдүү тараптардын катышуусунда иштелип чыкты. Бул болсо тигил же бул чечимдер кандай максаттарда кабыл алынарын жакшы түшүнүүгө өбөлгө болот.

Бүгүнкү күндө Ош шаарынын ЖӨБ органдары жана коому тарыхка жана салттарга, мураскорлукка жана өнүгүүгө ээ болгон, ишке ашыруу механизмдери бар жарандардын бюджеттик процесске катышуусун ажыратылгыс укук катары таанышат. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укугун ишке ашырууда түштүк баш калаанын тажрыйбасы Кыргызстандын башка шаарларында да көрсөтүлүп, колдонууга алуу үчүн татыктуу.

M



# Бавария муниципалитеттери

Материалдар **Ханнс ЗАЙДЕЛЬ Фондунун Борбор Азиядагы Өкүлчүлүгү** тарабынан берилди

2009-жылы ачылган учурдан баштап, негизги иши мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу болуп эсептелген Ханнс ЗАЙДЕЛЬ Фондунун Борбор Азиядагы Өкүлчүлүгү (ХЗФБА) өз бүтүрүүчүлөрүн жана өнөктөштөрүн Баварияга кыска мөөнөттүү стажировкага жиберип келет. Өкүлчүлүктүн жетекчиси, доктор Макс Георг МАЙЕР коммуналдык кызматтардын иши, калкты жергиликтүү маселелерди чечүүгө тартуу өңдүү жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн идеялар жашоого жөндөмдүү экенин, бул тажрыйбаны өздөштүрүп кетүү оңой болгонун өз убагында белгилегени бар. Бул жерде үйрөнчү нерсе көп экени түшүнүктүү. Себеби Бавариянын өз алдынча башкаруусунун тарыхы бир нече кылымдарга барып такалат жана өзү да муниципалитеттердин көз карандысыздыгы (финансылык жана мыйзамдык) жана жарандардын коомдук турмушка жигердүү катышуусу өңдүү эки принципке негизделген.

Өткөн жылы мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн ушул өңдүү үч сапар уюштурулган. Ар бир жолу сапардын программасы делегациянын курамына жараша түзүлөт. Анткен менен жалпысынан фонд катышуучуларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин өзгөчө кызыктуу жактары менен тааныштырууга умтулат. Мисалы, курулуш принциптери, жолдордун абалы, шаардын же айылдын өнүгүү планы.

Баварияда атүгүл эң чакан муниципалитеттердин да башкы планы бар. Ошол пландын негизинде деталдык курулуш планы түзүлөт (мисалы, мындай нерсе Бишкекте жок). Тарыхый Динкельсбюль шаарынын архитектору Хольгер ГЕТТЛЕР ХЗФБАнын бүтүрүүчүлөрүнө аймактарды колдонуу жана зондоо боюнча план, ошондой эле курулушка уруксат берүүнүн жол-жоболору тууралуу айтып берди. Динкельсбюлдеги үйлөрдүн ээлери шаардын тарыхый тышкы көрүнүшүн сактоого милдеттүү жана бардык курулуш жана ремонт иштерин – чатырдын бийиктигине жана түсүнө чейин – алар муниципалитеттер менен макулдашууга тийиш. Бирок мындай жазма эскертүүлөр башка шаарларда деле бар. Болгону ар бир шаарда ар башка. Ал эми ошол жазма эскертүүлөрдү бузган үчүн административдик айыптар каралган жана алар символикалык түрдө болбогонун белгилей кетүү зарыл. Шаарды өнүктүрүүнүн башкы планын жана аймактарды пландоонун жана куруунун деталдуу планын иштеп чыгууга шаардыктардын өздөрү да жигердүү катышат. Шаардын эски бөлүгүндө курулуш жүргүзүлбөйт. Эгерде өнүктүрүү үчүн кошумча жерлер талап кылынса, анда шаар бийлиги аны кошуна дыйкан чарбаларынан сатып алат. Андан кийин ошол участоктор каалоочуларга сынактын негизинде сатылат. Анткен менен тигил же бул адамдын социалдык абалы, квалификациясы жана шаар үчүн келтирчү пайдасы эске алынат.

Германияда өткөн кылымдын 70-жылдарынан бүгүнкү күнгө чейин айылдарды модернизациялоо программасы иштеп келатат. Ал программа элет жергесинен шаарга көчүп жаткан адамдардын жапырт миграциясын токтотуу максатында иштелип чыккан. Бир жагынан программага коомдук байгерликти (жолдордун, жаңы социалдык-маданий мекемелердин курулушу, коммуникацияларды жакшыртуу) өнүктүрүүнү камтыса, экинчи жагынан элеттик-

терге жеке колдоо көрсөтүп турат. Ошону менен бирге бюджет мамлекеттин, шаардык казынанын жана жашоочулардын өздөрүнүн каражаттарынын эсебинен түзүлөт. Натыйжада элеттерде жана шаарларда жашоо шарты бирдей болуп калган. Атүгүл айрым жерлерде элеттеги муниципалдык объекттер Бавария боюнча мыкты деп таанылган.

Мындай сапарлардын катышуучуларына түрдүү муниципалдык мекемелер – кесиптик лицейлер, спорттук жана чарба комплекстери, тазалоочу курулмалар, ооруканалар, өрткө каршы кызматтар, коммуналдык кызматтар жана таштанды полигондору менен таанышуу дайыма кызык болуп турат. Бул ишканалардын баары коммерциялык эмес, бирок өзүн-өзү актагыдай болуш керек: алар дотацияда болбош керек жана киреше алып келбеш керек. Бардык тарифтер ишкананын чыгашаларын жапканга гана жеткидей түзүлөт. Баварияда коммуналдык кызматтар көбүнчө бир жерге бириктирилген жана жарандарды электр, жылуулук, суу менен камсыздоо милдетин шаардын бир муниципалдык коммуналдык ишканасы аткарат.

Энергиянын жаңыланма булактарын – күн жана жел түзүлүштөрүн колдонуу өтө өнүккөн. “Жашыл” энергияны колдонууга мамлекет жигердүү түрдө дем берип келет. Ошондой эле сырьену кайра иштетүү да кеңири жайылган көрүнүш. Мисалы, ошол эле ТЭЦтер жыгач өндүрүшүнүн калдыктары менен иштейт, жылуулук да таштанды полигонунда иштелип чыгат.

Баса, Аурахтын (Ханнс Зайдель Фонду уюштурган окуу сапарлары маалында сөзсүз кайрылчу пункт) таштанды полигону Баварияда гана эмес, бүтүндөй Германияда да үлгүлүү полигондордун бири болуп эсептелет. Таштандыны адегенде шаардыктар өздөрү сорттойт (баса, таштанды чыгаруу үчүн тариф анын көлөмүнө жараша так эсептелет). Таштандынын өзгөчө түрлөрү (электр шаймандары, батарейкалар, сырлар) аларды кабыл алуу боюнча атайын пунктка өз алдынча чыгарылууга тийиш. Ал жерден калдыктар ишканаларга жеткирилип, сорттолот жана кайра иштетилип чыгарылат. Полигондун өзү болсо чыныгы өнөр жай объектиси. Зыяндуу заттар абага жана грунттук сууларга аралашып кетпеши үчүн таштандынын миллионго жакын куб метри өзгөчө пленка менен жабылат. Бөлүп чыгарылган газ болсо электр жарыгын иштеп чыгуу үчүн колдонулат. Ал эми калдыктар бөлүп чыгарган жылуулук жакын жерде жайгашкан имараттарды жылытуу үчүн колдонулат.

Бавариянын муниципалитеттериндеги спорттук курулмалардын ишин уюштуруу тажрыйбасы да кызыктуу. Эрежеге ылайык, шаар бийлиги жер участокторун бөлүп, жабдыктарды стапы берүү менен жарым-жартылай гана каржылайт. Ал эми ошол курулмаларды жашоочулар өздөрү куруп, кармоого милдеттүү.

Ыктыярдуу катышуу өрттөн коргонууга да жайылтылган. Калкы 100 миң кишиден аз болгон бардык калктуу конуштарда өрт менен күрөшкөн кошуундар ыктыярчылардан түптөлөт. Бүгүнкү күндө Бавариянын ар бир 16-жашоочусу – ыктыярдуу өрт өчүргүч. Күнүмдүк иштери менен алектенип, ошол эле кезде өрт чыккан жерге ашып кетсе 10 мүнөттө жетип баруу үчүн алар дайыма даярдыкта турушат. Ал эми бул жерде өрт аз болорун эске алганда, алар мисалы, жол кырсыктары өңдүү башка чукул кырдаалдардын кесепеттерин жоюу боюнча милдеттенмелерди да өздөрүнө алышкан.

Мындай стажировкалардын дагы бир бөлүгү – маданий-көңүл ачуучу иш-чараларга баруу. Цойгхаус музейи, шаардык театр, Рождество майрамына карата уюштурулган жармаңкелер да кайсы бир деңгээлде окутуучу мүнөзгө ээ. Мисалы, Бавариянын көпчүлүк шаарларында атүгүл шаардык статуска ээ делген майрамдарды, салтанаттарды уюштуруу менен мэрия эмес, коомдук бирикмелер алектенип келет. Актерлор, майрамдын уюштуруучулары жасаган иштери үчүн акы алышпайт. Кириш билеттерин сатуудан түшкөн акча, ишканалардын жана жеке жактардын демөөрчүлүгү майрамды каржылоонун негизги булактары болуп эсептелет. Мэрия көчөлөрдү тазалоо жана кооздоо боюнча кызмат көрсөтүү түрүндө финансылык эмес жардам берет.

Сапардын катышуучуларынын бири Динара ТҮЛЕЕВА ой-пикирин мындайча билдирди: “Кооз өлкө, укмуш сонун эски шаарлар, меймандос адамдар. Коммуналдык кызматтардын иши таасирлендирди. Ошондой эле жаңы райондорду курууда адегенде ал жерде инфраструктура даярдалып бүтүп, андан кийин гана адамдар көчүрүлүп келери абдан таң калтырды. Кыргызстанда кайсы тажрыйбаны колдонор элем? Коомдук уюмдар менен иш алып барууну деп ойлойм. Менимче, бул жерде чоң потенциал билинбей жатат”.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кыргызстанда да өнүгүүдө. Айталы, Сары-Согот айылында (Жалал-Абад облусу, Токтогул району) жергиликтүү таштардан таманташ, бир жолу колдонулчу челектер пайда болду, элеттиктердин күчү менен айылдагы сейил бак түптөлүп, каралып келатат. Караколдо шаар бийлиги менен жеке сектордун кызматташтыгы жайылтылган – эми жергиликтүү ишкерлердин эсебинен шаарда жол көрсөткүчтөр пайда болду.

2015-жылы Ханнс ЗАЙДЕЛЬ Фондунун аракети жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, биринчи кезекте айыл өкмөт башчыларынын жана кызматкерлеринин, элеттик кеңештердин төрагаларынын жана алардын орун басарларынын квалификациясын жогорулатууга жумшалат. Бавариянын жергиликтүү бийлигинин өкүлдөрү кыргызстандык кесиптештерине биздин өлкөдө ишке ашырса боло тургандай кызыктуу идеяларды берген кыска мөөнөттүү стажировкалардан тышкары фонд райондук жана элеттик администрациялардын өкүлдөрү үчүн аларды кызыктырган тематика боюнча кыска мөөнөттүү курстарды караштырууда.

Сүрөттөр Максим ЦОЙДУКУ
жана Ханнс ЗАЙДЕЛЬ Фондунун
Борбор Азиядагы Өкүлчүлүгүнүкү

# “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жаңылыктары



## 21 муниципалитетте эки миңден ашуун жаран жергиликтүү бюджеттердин аткарылышын талкуулады

2014-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктарын талкуулоо процессине калкты тартуу максатында 2015-жылдын 18-февралынан 3-мартына чейинки мезгил аралыгында Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын 21 айылдык аймагында коомдук угуулар өттү.

Алдын ала эсептөөлөр боюнча, катышуучулардын жалпы саны 2000ге жакын болду. Алардын арасында жергиликтүү кеңештердин депутаттары да, Демилгелүү топтордун (ДТ) мүчөлөрү да, жергиликтүү жамааттардын активисттери, ММК өкүлдөрү, элет жашоочулары жана башка кызыкдар адамдар болду.

Активисттердин жана муниципалитет лидерлеринин айтымында, бул иш-чараларды өткөрөрдүн алдында ЖӨБ органдары жергиликтүү демилгелүү топтордун көмөгү менен алдында боло турган коомдук угуулар тууралуу калкты кабардар кылуу максатында маалымат өнөктүгүн өткөрүштү. “Ар бир айылда эл көп чогулган жерлерде пландалып жаткан иш-чара тууралуу кыска маалыматты камтыган плакаттар илинди, - деп айтып берди Ак-Чий айылдык аймагынын жергиликтүү жамаатынын лидери. – Депутаттарга, мекемелердин жана уюмдун жетекчилерине, ишкерлерге, жамаат лидерлерине жана айылдын карапайым тургундарына чакыруу баракчалары таратылып берилди. Анда коомдук угууларды өткөрүү эрежелери жазылган маалымат камтылган. Буга кошумча угуулар маалында катышуучуларга бюджеттин бардык беренелери – билим берүү, социалдык маселелер, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, АӨнүн иши, коомдук тартип, маданият жана спорт, айлана-чөйрө жана башка чыгашалар тууралуу кеңири маалыматты камтыган материалдар таратылды”.

Угуулар маалында айыл өкмөттүн финансы-экономикалык бөлүмдөрүнүн жетекчилери катышуучуларга беренелер боюнча өз отчетторун тапшырышты жана мамлекеттик салыктар, жергиликтүү салыктар жана жыйымдар, салыктык эмес төлөмдөр, теңдештирүүчү, дем берүүчү гранттар өңдүү түшүнүктөрдү чечмелеп беришти. Өз кезегинде катышуучулар жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен жасалып жаткан ремонттук иштердин сапатына көз салуу усулдарына тиешелүү түрдүү пикирлерин айтышты. Мисалы, Ысык-Көл облусунун Түп районундагы Арал муниципалите-





тинин жергиликтүү тургуну Абдыкерим КЕНДИРБАЕВ жолдорду ремонттоо боюнча комиссия түзүүнү жана ички жолдорду аз болсо да сапаттуу ремонттоону сунуштады. Себеби ушул тапта “акча майдаланып эле сарпталып жатат, ал эми капиталдык түрдө эч кандай деле өзгөрүүлөр байкалбайт”.

“Муниципалитеттердин географиясы ар башка, бирок көйгөйлөр бардык жерде дээрлик бирдей эле. Эми албетте айырмачылыктар да бар, - деп ой бөлүшөт ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ. – Мисалы, Ысык-Көл облусунун Кум-Бел аймагында өткөн угуулар маалында жергиликтүү жашоочулар жугуштуу оорулардын пайда болуусун алдын алуу маселесине кызыгышты. Катышуучулар жанжаныбарлардын (иттердин, эшектердин) каналдарга ыргытылган өлүктөрү үчүн жоопту адамдар тууралуу сурашты. Ошондой эле аталган аймактын Булан-Соготу айылынын көчөлөрүн жарыктандыруу сапатына тиешелүү суроолор да жаңырды. Тургундар айрым жерлер караңгы болгонун айтып, бюджеттеги 3,5 млн. сом көлөмүндөгү калдыкты калган эки айылда сапаттуу лампаларды орнотууга жумшоону сураныштыˮ.

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өздөрү белгилегендей, коомдук угуулар жергиликтүү бюджеттердин ачыктыгын жана айкындуулугун көрсөтүү, ошондой эле элет турмушундагы маанилүү маселелерди талкуулоого жана алар боюнча чечим кабыл алууга пенсионерлерди, жаштарды жана үй кожойкелерин тартуу максатында уюштурулду.


ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери тарабынан коомдук угууларды уюштурууга жана өткөрүүгө консультативдик-техникалык колдоо көрсөтүлдү.



# Дагы 29 жаңы грант: балдар, жаштар, спорт жана маданият

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чүй облустарынын өнөктөш муниципалитеттеринде Чакан гранттар программасына катышуу үчүн артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алуу боюнча элеттик чогулуштар өткөрүлдү.

Өнөктөш муниципалитеттердеги жамааттар бул Чакан гранттар программасына биринчи жолу катышып жаткан жок. Буга чейин, 2012-2014-ж.ж. муниципалитеттерде ЖӨБ органдарынын күчү менен ЭКБА-иш-чараларынын комплекси өткөрүлгөн. Анын жүрүшүндө элеттеги өтө маанилүү маселелер аныкталып, артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү



боюнча демилгелүү топтор түзүлгөн. Ошондой эле бул иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча алдыдагы эки жылга Биргелешкен аракеттер планы иштелип чыккан.

Ар бир демилгелүү топ өзүнүн долбоордук сунушун даярдап, анын баары элеттик чогулуштардын катышуучуларына көрсөтүлгөн. Бардык муниципалитеттерде добуш берүү процесси ачык өтүп, катышуучулардын баары өз пикирлерин жигердүү билдирип турушту. Мисалы, Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы муниципалитетте бала бакча үчүн эмерек сатып алыш керекпи, же сугат суу менен камсыздоо үчүн насос сатып алуу туура болобу, же болбосо спорттук шаймандар көбүрөөк керекпи дегендин тегерегинде узакка созулган талаш-тартыштын жүрүшүндө спорттук шаймандарды сатып алуу боюнча долбоорго токтолушту.

Демилгелүү топтордун мүчөлөрү өз долбоорлорун катышуучуларга тааныштырып жатып, дал ошол долбоор маанилүү жана керектүү экенин, андыктан аны көпчүлүк колдоп бериш керектигин ырастап, жүйөлөрүн келтирип жатышты. Долбоорлордун баары менен тааныштырган соң жергиликтүү тургундар ой-пикирлерин айтып, эң артыкчылыктуу долбоор үчүн добуш беришти.

2015-жылдын январынан февралына чейинки мезгил аралыгында бардык пилоттук муниципалитеттерде долбоордук сунуштар жергиликтүү калкка тартууланды. Элеттик чогулуштарга катышкан бардык жашоочулар чукул арада чечилүүгө тийиш болгон актуалдуу көйгөй үчүн добуш бере алышты. Жалпы элдик талкууларга айыл өкмөт башчылары, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл лидерлери, аксакалдар, ошондой эле айылдын жаштары катышты. Баары болуп 29 элеттик чогулушка жергиликтүү жамааттын 4 116 мүчөсү катышты. Анткен менен катышуу деңгээли ар кайсы жерде ар башка болду. Эгерде бир муниципалитетте өткөн чогулушка 56 киши катышса, башка жерде катышуучулардын саны 400гө чейин жетип жатты.

Ар бир муниципалитетте демилгелүү топтор бери дегенде үч артыкчылыктуу долбоорду сунушташты. Алардын көбү төмөнкү маселелерге тиешелүү болду:

- мектепке чейинки жана мектептеги билим берүүгө жеткиликтүүлүк;
- жаштардын маселелери (маданият үйлөрү, спорт залдар);
- КТК чогултуп чыгаруу; ички жолдорду оңдоо;
- ичүүчү жана сугат суу менен камсыздоо;
- көчөлөрдү жарыктандыруу.

Пилоттук муниципалитеттер гранттык каражат алууга табыштамалардын формаларын толтуруп, ЭҮЖӨБОЖ Долбооруна өткөрүштү. Долбоор берген чакан гранттардын жалпы суммасы 13 245 800 сомду түздү. Долбоордун 29 өнөктөш муниципалитети айылдын негизги артыкчылыктуу көйгөйүн чечүүгө 400 000 сомдон алышты. Ошондой эле жергиликтүү жамааттын мааниси жагынан экинчи жана үчүнчү даражадагы артыкчылыктуу маселесин чечүү үчүн кошумча 63 300 сомдон берилди.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары гана эмес, ошондой эле жашоочулардын өздөрү да маселени чечүүгө жигердүү катышыш керек деген шартта конкреттүү маселелерди чечүү мүмкүнчүлүгү муниципалитеттер үчүн Долбоорго катышууда артыкчылык болуп эсептелет.

Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Жаңы-Жол айылдык аймагынын Кызыл-Суу айы-



***Тандалып алынган артыкчылыктуу долбоорлор жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун чакан гранттарынын суммасы:***

| № | Облус | Район | АА | 400 000 сомго долбоор | 63 300 сомго долбоор |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ж-А | Аксы | Жаңы-Жол АА | “Маалымат алмашуу боюнча өнөктүктү жакшыртуу” | «Спорт шаймандарын сатып алуу» |
| 2 | Ж-А | Аксы | Авлетим АА | “Кирешени жер иштетүүдөн алабыз” | “Отурумдар залы үчүн эмерек сатып алуу”, |
| 3 | Ж-А | Ала-Бука | Ала-Бука АА | “Балдар – Жер шарынын келечеги” | “Жыйындар залы үчүн эмерек сатып алуу” |
| 4 | Ж-А | Ала-Бука | 1-май АА | “Маданият үйүндө жаштардын бош убактысын уюштуруу” | “Клуб үчүн эмерек” |
| 5 | Ж-А | Базар-Коргон | Бешик-Жон АА | “Спорт – ден соолуктун булагы” | “Эмерек сатып алуу” |
| 6 | Ж-А | Базар-Коргон | Кеңеш АА | “Жаштар багы” | “ЭЦВ 6-16-140 насосун сатып алуу” |
| 7 | Ж-А | Ноокен | Масы АА | “Масы а. көп кабаттуу үйлөрдүн короосунда балдар үчүн оюн жабдууларын орнотуу” | “Маданият үйүнө желдеткич сатып алуу” |
| 8 | Ж-А | Ноокен | Сакалды АА | “Маданият элеттен башталат” | «Бала бакча үчүн муздаткыч сатып алуу» |
| 9 | Ж-А | Сузак | Багыш АА | “Мектепте билим алуу үчүн заманбап шарттарды түзүү” | “Техника үчүн кошумча тетиктер” |
| 10 | Ж-А | Сузак | Курманбек АА | “Сен таза болсоң – Аалам да тазарат” | “Эмерек сатып алуу” |
| 11 | Ж-А | Тогуз-Торо | Көк-Ирим АА | “Спорт – бул сулуулук” | “Маданият үйүнө желдеткич сатып алуу” |
| 12 | Ж-А | Тогуз-Торо | Тогуз -Торо АА | “Маданиятты өнүктүрүү – элдин руханий байлыгы” | “Спорт – ден соолуктун жарчысы” |
| 13 | Ж-А | Токтогул | Торкен АА | “Көңүлүбүздү маданиятка буралы” | «Спорт шаймандарын сатып алуу» |
| 14 | Ж-А | Токтогул | Жаңы-Жол АА | “Таза айыл – таза коом” | “Балдар – биздин келечегибиз” |
| 15 | Ж-А | Чаткал | Көк-Таш АА | “Маданият – улуттун өзөгү” | «Спорт шаймандарын сатып алуу» |
| 16 | Ж-А | Чаткал | Сумсар АА | “Маданият биздин экинчи маңызыбыз” | “Балдар – биздин келечегибиз” |
| 17 | Ы-К | Ак-Суу | Ак-Чий АА | “Качыбек айылындагы “Күн балдары” | “Маданият үйү үчүн эмерек сатып алуу” |
| 18 | Ы-К | Ак-Суу | Кара-Жал АА | “Спорт – ден соолуктун булагы” | «Бала бакча үчүн шаймандар» |
| 19 | Ы-К | Жети-Өгүз | Жети-Өгүз АА | “Балдар – биздин келечегибиз” | «Спорт шаймандарын сатып алуу» |
| 20 | Ы-К | Жети-Өгүз | Липенка АА | “Эл арасындагы таланттуу адамдар” | «Спорт шаймандарын сатып алуу» |
| 21 | Ы-К | Ысык-Көл | Бостери АА | “Ден соолук – ийгиликтин ачкычы” | «Бала бакча үчүн шаймандарды сатып алуу» |
| 22 | Ы-К | Ысык-Көл | Кум-Бел АА | “Тазалык – ден соолуктун булагы” | “Клуб үчүн эмерек сатып алуу” |
| 23 | Ы-К | Тоң | Улахол АА | “Жаштар жүргөн жерде шаң да бар” | “Эмерек сатып алуу” |
| 24 | Ы-К | Тоң | Б.Мамбетов АА | “Жылуулук – ыңгайлуу эс алуу үчүн” | “Мектепке эмерек сатып алуу” |
| 25 | Ы-К | Түп | Арал АА | “Таза суу – жашоо булагы” | “Бала бакча үчүн эмерек сатып алуу” |
| 26 | Ы-К | Түп | Тогуз-Булак АА | “Спорттун чебери” | “Бөбөк” бала бакчасы үчүн шаймандарды сатып алуу” |
| 27 | Ж-А | Сузак | Ленин | “Таза суу – жашоо булагы” | |
| 28 | Ы-К | Тоң | Төрт-Күл АА | “Балдар – биздин келечегибиз” | |
| 29 | Чүй | Ысык-Ата | Ивановка | “Спорт менен дос болсоң ден соолугуң чын болот” | |

лынын башчысы Токсобай ТОСТОКОВ таштанды маселесин чечүү боюнча жамааттын планына мындайча баа берди: "Элеттик чогулушта биз трактор үчүн кошумча жабдуу сатып алуу боюнча долбоорду тандаганбыз. Эми бардык айылдар үчүн техника качан, кайсы маалда иштей турганын аныктаган графикти бекитип, КТКны чогултуп чыгарууну уюштуруш керек. Бирок эгерде бул иштер графикке ылайык аткарылбаса, даттануулар болорун бөркүмдөй көрүп турам".



# Жарандарды жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске тарткан БӨУ арасында өткөрүлгөн сынактын жеңүүчүлөрү аталды

2015-жылдын 27-февралында Бишкекте ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында уюштурулган "Жарандарды бюджетке тартууда жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) ролу" аттуу сынактын жыйынтыгы чыгарылды.

Сынактын шарттарына ылайык, ага катышууга БӨУ катары катталган жана Жалал-Абад менен Ысык-Көл облустарындагы элеттик муниципалитеттердин аймагында иш алып барган жарандык коом уюмдары чакырылган. Сынак жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алууга, бюджеттик процесске катышууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан отчеттуулукка жетүүдө жарандардын укуктары үчүн күрөштө ийгиликке жетишкен жарандык коом уюмдарын (БӨУ) аныктоо жана аларды шыктандыруу максатында өткөрүлгөн.

Сынакка баары болуп жарандардын бюджеттик процесске чындап катышуусун жана бюджеттик айкындуулукка, ЖӨБ органдарынын отчеттуулугуна жетүүнүн түрдүү механизмдери БӨУ тарабынан жигердүү колдонулуп жатканын тастыктаган мисалдар сүрөттөлгөн 12 табыштама түштү.

Сынактык комиссиянын чечими менен жеңүүчүлөр болуп төмөнкү катышуучулар табылды:

- 1-орун – "Актектир айыл тургундарын бюджеттик процесске тартуу боюнча иш-чаралар", "Келечек" Жамааты КЮЛ, Жалал-Абад облусу, 100 000 сом суммасында байге ыйгарылды.
- 2-орун –"Биздин бюджеттин айкындуулугу" Семинары, "Аймира" КФ, Жалал-Абад облусу, 80 000 сом суммасында байге ыйгарылды.
- 3-орун – "ААнын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында "Киреше бөлүктү көбөйтүүгө өз салымыбызды кошолу" темасына АКнын ачык сессиясын өткөрүү", "ЛАРК Ала-Бука" КФ, Жалал-Абад облусу, 70 000 сом суммасында байге ыйгарылды.

Мындан тышкары комиссиянын чечими менен 4 уюмга 25 000 сомго чейинки өлчөмдө шыктандыруучу байгелер берилди:

- "Ысык-Көл жаштары ачык-айкын бюджет үчүн" Долбоору, "Атуул" КУ, Ысык-Көл облусу,
- "Жергиликтүү бюджет боюнча коомдук угуулар", "Бокотой-Барак" КУ, Ысык-Көл облусу,
- "Калктын бюджеттик процесске салымы", "Ак Бермет" ЫТ, Ысык-Көл облусу,
- "Инвесторлор менен кызматташууда бюджеттердин ачык-айкындуулугун камсыздоо үчүн механизмдерди түзүү", "Бюджеттик процессти стратегиялоо борбору" КУ, Жалал-Абад облусу.

Бардык жеңүүчүлөр жана байге ээлери байге каражаттарын колдонуу боюнча сынактын шарттарына ылайык өз сыйлыктарын, дипломдорду жана кеңсе техникасын, кеңсе жабдууларын алышты.



# ММКга ыраазычылык – кесипкөйлүк, табышкерлик жана ишине берилгендик үчүн

Массалык маалымат каражаттарына көңүл буруу – Өнүктүрүү саясат институту үчүн унутта калбаган артыкчылык. Буга финансы, бюджеттик билимди жайылтуу үчүн шарттар түзүлбөсө да массалык маалымат каражаттары калктын билим деңгээлин жана жарандык компетенциясын арттырууда чоң роль ойногону себеп. Бюджеттин ачык-айкындыгын жана коррупция менен эффективдүү күрөштү ММКнын катышуусуз элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан ӨСИ өзүнүн көптөгөн долбоорлорунун алкагында бюджеттик темаларды кесипкөй талкуулоо процессине коомдун калың катмарын, өзгөчө ММКны тартууга умтулуп келет. Мындай талкууга жакшы дем болуп кесипкөй таймаштар – ММК үчүн сынактар эсептелет. Муну Өнүктүрүү саясат институту беш жылдан бери салттуу түрдө колдонуп келатат.

Мындай таймаштардын максаты жылдан жылга кайталанып турат – бюджеттик процесстин айкындуулугун жогорулатуу, аны баалоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, бюджет маселелери боюнча адамдардын маалымдуулугун кеңейтүү. ММК бюджеттик каражаттар кантип сарпталып жатканы тууралуу чоң көлөмдө маалымат жана билим бере алат, жарандарды бул процессти көзөмөлдөгөнгө үйрөтө алат. ММК журналисттик иликтөө жүргүзүп, ошол чөйрөдө кыянатчылыктардын системасын ачып, фактыларды ашкерелей алат. Ал эми бул сынактын тапшырмасы – белгиленген темаларга ММКнын кызыгуусуна дем берүү, журналисттерди тең салмактуу, жогорку, кесипкөй деңгээлде материалдарды даярдоого шыктандыруу.

ӨСИ уюштурган журналисттер арасында чыгармачыл таймаштар борбор калаадагы журналисттерге гана эмес, аймактагы кабарчыларга да эсептелген. Катышууга республиканын булуң-бурчунан ар кайсы басылмалар жана жамааттар, штаттагы кабарчылар жана эркин журналисттер чакырылат. Бардык авторлор жеңишке жетүү үчүн тең мүмкүнчүлүккө ээ болот. Себеби эмгектерди баалоонун негизги критерийлери кесипкөйлүк, табышкерлик жана ишине берилгендик болуп эсептелет.

“Жергиликтүү бюджет жамаатка таандык” сынагы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында өттү. Ошондуктан чыгармачыл таймашта басымдуулук кылган тема Кыргызстандын экономикасына, бюджеттик процессти чагылдырууга, ага адатта борбордон алыста, татаал шарттарда жашаган жана иштеген кыргызстандыктардын катышуусуна арналганы түшүнүктүү. Буга байланыштуу уюштуруучулар башынан эле сынакка аймактардагы журналисттердин катышуусуна басым жасашты. Себеби алардын жигердүүлүгүнөн жана кесипкөйлүгүнөн өлкө экономикасында бардык маанилүү окуялардын жана көрүнүштөрдүн тең салмактуу, бурмалабастан, өз убагында чагылдырылышы көз каранды.

Сынак өткөн жылдын июнь айында башталган. Бирок уюштуруучулар сынакка 2013-жылдын 1-сентябрынан тарта жарык көргөн материалдар катыша аларын ошол замат жарыялашкан. Себеби ошол маалдан баштап 2014-жылдын 1-ноябрына чейин бюджеттик процесс активдүү жүрө баштайт.




Сынакка катышкандарга кошумча маалыматтык “азык” берүү максатында журналисттер үчүн иш-чаралардын программасы иштелип чыкты. Ага Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы өнөктөш айылдык аймактарда жайгашкан социалдык, маданий, өндүрүштүк багыттагы объекттерге бир катар пресс-сапарлар кирди. Иш сапарлар жамааттардагы чыныгы турмушту жана ошондой турмуштун шарттарын камсыздоо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин көрсөтүү максатын көздөдү.

Катышуулар өздөрү моюндарына алгандай, бул сапарларды өтө пайдалуу жана үлгү болорлук деп койсо жарашчудай. Бишкектик эркин журналист Азизбек ЖАНАЛИЕВдин айтымында, борбор калаадан алыста жашаган карапайым адамдардын турмушу кандай болсо ошондой түрүндө көрсөтүлдү: “Журналисттер жергиликтүү бюджеттеги каражаттар канчалык жетиштүү же жетишсиз болгонун, алар канчалык деңгээлде эффективдүү колдонулуп жатканын өз көздөрү менен көрүп, ага баа берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту”. “ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун пресс-сапарлары журналисттерге элетте адамдар кантип жашап, иштеп жатканын, көйгөйлөрүн жана ийгиликтерин өз көздөрү менен көрүүгө шарт түздү”, - деп белгиледи анын жалалабаддык кесиптеши Анархан ЖАНЫБАЕВА.

Облусту борборлордон, ошондой эле Бишкектен барган журналисттердин баамында, алар өздөрү үчүн кичи Мекенин ачып, кызыктуу, жаратман адамдарды, каржылоо маселеси курч турган чакта жолдорду, спорттук залдарды куруу, бала бакчаларды ремонттоо, куурчак театрларын ачуу, көчөлөргө жарык берүү, ирригациялык курулмаларды орноттуу ж.б. үчүн өз аракеттери менен донорлорду издеп, долбоорлорду жазып жаткан чындап эле эмгекчил жана таланттуу кишилер менен тааныша алышты. Жалпысынан сынак алдындагы маалыматтык колдоонун алкагында пресс-сапарларга гезиттерде, радио жана телевидениеде, маалымат агенттиктеринде иштеген 30дан ашуун журналист катышты.

Сынактын катышуучуларына жардам катары ондон ашуун пресс-сапар уюштурулду, алардын ичинен жетөө өткөрүлүп жаткан сынактын алкагында атайын уюштурулду. Ал жерде бюджеттик угуулар жана мамлекеттик, муниципалдык кызмат тууралуу мыйзам долбоору, саламаттык сактоо тармагында учурдагы кырдаал Эсептөө палатасынын аудиторунун көзү менен, «Гранттык жардам – бул бекер оокат эмес, бул – жергиликтүү бюджеттен алынган инвестицияларды башкаруу үчүн машыктыргыч» өңдүү темалар талкууланды. Иш-чаралар Бишкекте, Караколдо, Жалал-Абадда өттү.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору журналисттерге гана эмес, мүмкүн болушунча көбүрөөк көз караштарды билиш үчүн бул маселелер менен алектенип келген БӨУ, эксперттик жамаатка да баарлашууга чакыруу жиберди. Баары болуп пресс-сапарларга 200дөн ашык киши катышты.

Өткөрүлүп жаткан сынак тууралуу кабарлама, эскертүү ар бир иш-чарада айтылып турду. Эмгектерди кабыл алуу мөөнөтү аяктаган соң уюштуруучулар 30дан ашык автордон 200дүн тегерегинде макала, репортаж, жаңылык жана журналисттик



иликтөө алды. Булар – калыстардын кароосуна берилген материалдар. Айрымдар сынактын тематикасына жооп бербеген үчүн иргеп алуу элегинен өтпөй калды.

Калыстар тобу өтө чоң жана көздүн майын алган ишти аткарышты. Алар: ЖӨБЭММА башкармалыгынын жетекчиси Венера ИСАЛИЕВА, бюджет жана финансы боюнча көз карандысыз эксперт Бакыт САТЫБЕКОВ, КТРКнын редакциялык кеңешчиси Тамара ВАЛИЕВА, Британиянын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлү Аида АКМАТАЛИЕВА, долбоордун ЖӨБдү өнүктүрүү жана жергиликтүү жамааттар боюнча ассистенти Мээрим СЕЙИТОВА жана ӨСИнин медиа консультанты Лариса ЛИ. Материалдарды коддоого, авторлор менен байланышууга, административдик иштерге байланышкан күнүмдүк милдеттенмелердин баары ӨСИнин ассистенти Айганыш КАЧАГАНОВАга жүктөлдү.

«Жергиликтүү бюджет жамаатка тиешелүү» темасы тажрыйбалуу да, кесиптик жолунда алгачкы кадамдарын таштап жаткан жаш журналисттерге да кызыктуу болду. Өз эмгектерин борбордук жана аймактык ММК – гезиттерде, ТВ, радиодо, интернет басылмаларда иштеген журналисттер жиберишти. Алардын арасында эркин журналисттер да аз эмес. Алар бюджеттик угуулар, социалдык тапшырык, муниципалитеттердин коммуналдык чарбасын каржылоо тууралуу репортаж даярдап, жаңылык, аналитикалык макалаларды жазып, ток-шоуларды даярдашты. Таштанды тазалоо, социалдык объекттерге инвестициялоонун көйгөйлөрү, муниципалдык менчиктин абалы жана коопсуздук маселелери ж.б. өңдүү тиричилик көйгөйлөрүн козгошту.

Ар бир иш балл боюнча бааланды, чечимди калыстар тобунун мүчөлөрү ар бири өз алдынча кабыл алды. Андан кийин баллдарды кошушту. Натыйжада калыстар ардак грамотасы жана акчалай байге менен сыйлоону сунуштаган 16 автор мыкты деп табылды.

13-февралда салтанаттуу тегерек столдо ӨСИнин башчысы Надежда ДОБРЕЦОВАнын жана ЖӨБЭММА директорунун орун басары Михаил ХАЛИТОВдун колунан диплом жана гүлдү төмөнкүлөр алды:

### “Орус тилиндеги басма ММК” номинациясында:

- 1-орун – Ольга ФЕДОТОВА, “Вести Иссык-Куля” гезитинин журналисти, Ысык-Көл облусу - 500$.
- 2-орун – Галина ЛУНЕВА, “Слово Кыргызстана” гезитинин журналисти жана Елена ЖОЛОБОВА, “Чуйские известия” гезитинин журналисти–350 доллардан алышты.
- 3-орун – Игорь ГРЕКАЛОВ, “Вести Иссык-Куля” гезитинин журналисти, Ысык-Көл облусу - 200 $.

### “Кыргыз тилиндеги басма ММК” номинациясында:

- 1-орун – Клара ЭСЕНАЛИЕВА, “Теңиртоо” коомдук гезитинин журналисти, Нарын облусу – 500$.
- 2-орун – Жибек ЖОРОЕВА, “Алай таңы” коомдук гезитинин журналисти, Жалал-Абад облусу – 350$.
- 3-орун – Н. КУРМАНКУЛОВА, “Айыл деминин” автору, Бишкек ш. – 200$.



### “Кыргыз тилиндеги интернет сайттар” номинациясында:

- 1-орун – Көмөндөр УСУПТЕГИН, «АКИpress» маалымат агенттигинин автору, Нарын облусу – 500$.
- 2-орун – Анархан ЖАНЫБАЕВА, «Кабар» МА журналисти, Жалал-Абад облусу – 350$.
- 3-орун – Роза БЕКТУРОВА, “Баракелденин» автору, Бишкек ш. жана К. СЫРДЫБАЕВА, «АКИpress-Turmush» МА автору, Ысык-Көл облусу – 200 доллардан.

### “Орус тилиндеги интернет сайттар” номинациясында:

3-орун – Алла ПЯТИБРАТОВА, advocacy.kg журналисти, Ош ш. – 200$.

### Журналисттик иликтүү үчүн атайын номинация:

Азизбек ДЖАНАЛИЕВ, фрилансер, Бишкек ш. - 1000$.

### “Кыргыз тилиндеги ТВ” номинациясында:

- 2-орун – Б. ЧАБДАРОВА, Талас облустук телевидениеси, Талас ш. жана Ж. САДЫККАЗИЕВА, Нарын облустук телерадиокомпаниясы, Нарын облусу – 350 доллардан.
- 3-орун – Н. ШАРШЕНБИЕВА, “Дом журналиста” КУ, Каракол ш. жана Р. КАЛМАТОВ, 7-канал, Жалал-Абад облусу – 200 доллардан.

Жыйынтыкка таасирин тийгизген сапат жана критерийлер тууралуу азыноолак кеп: негизинен конкурска катышкандардын эмгектери маалыматтык мүнөздө болгон. Бул көбүнчө жаш журналисттерде байкалды. Бул түшүнүктүү. Себеби турмуштук тажрыйбанын, кесипкөй чеберчиликтин жана финансылык сабаттуулуктун жоктугу да таасирин тийгизди.

Бирок гезитте иштегендерден жана тележурналисттерден олуттуу аналитикалык макалалар да, атүгүл иликтөөлөр да болду. Бул албетте калыстар тобун кубандырды. Бирок мындайлар аз болду.

Аймактык ММКнын журналисттерине эксперттик баа берүү жетишпей жатканын, материалдарда же автордун өзү, же бир каармандын көз карашы басымдуулук кылганын сынактык иштерге жүргүзүлгөн анализ көрсөттү. Мындай мамиле, эрежеге ылайык, салыштыруу жүргүзүүгө, же позицияларга, окуяларга, же маселеге анализ жасоого жардам бербейт. Азырынча статистикалык маалыматтар жана ченемдик-укуктук актыларга шилтемелер азыраак колдонулуп жатат.

Шаардык кесиптештерине салыштырмалуу аймактык журналисттер азыраак табышкер жана көбүрөөк инерттүү келишет. Бул сынак биринчи кезекте аларга дем берүүгө багытталган. Себеби бардык жагынан алып караганда аларга бишкектик журналисттерге салыштырмалуу иштөө бир топ оор. Ошондуктан уюштуруучулар алардан бир кыйла көбүрөөк материал күтүүгө акылуу болчу. Бирок андай болгон жок. ӨСИнин иш-чараларына тынбай катышып жүргөн, ошол иш-чараларды чагылдырып, жазып жүргөн көпчүлүк авторлор тилекке каршы чыгармачыл таймашка катышкан жок.

Эми болсо "Жергиликтүү бюджет жамаатка тиешелүү" сынагынын жеңүүчүлөрүнүн бактылуу жүздөрүн социалдык тармактардан жана жаңылыктардан көрүп алышып, алардын мындай сынактарга карата мамилеси өзгөрөт деп ишенебиз. Албетте баары эле сынакта жеңгиси келет, бирок бул үчүн ага катышуу керек да. Бул өңдүү чыгармачыл таймаштар – бул жакшы материалдык түрткү гана эмес, ошону менен бирге сенин жөндөмүңдү, кесипкөй деңгээлиңди таламы күчтүү окурман көрөт деген мүмкүнчүлүк. Сынактар – бул чеберчиликке жана жалпыга таанылуу үчүн кандайдыр бир тепкич.



13-февралда «Жергиликтүү бюджет жамаатка тиешелүү» сынагынын лауреаттарын салтанаттуу түрдө куттуктоону иш-чаранын коногу, журналист-котормочу Дамира АЛЫШБАЕВА феномен катары баалады: "ММКга карата мына ушундай сый мамиле, төртүнчү бийликтин ролун жана маанисин түшүнө билүү бүгүнкү күндө өтө сейрек кездешкен көрүнүш". Жалпысынан ӨСИ үчүн жана аны менен катар ЭУЖӨБОЖ Долбоору үчүн да журналисттердин өзүнүн контролдук, билим берүүчү миссиясын унутпай, жөн гана фактыларды көрсөтүп койбостон, талдоо, иликтөө жүргүзүүгө, болуп жаткан окуялардын себебин аныктоого умтулганы өтө маанилүү.

Лариса ЛИ





# Өнүктүрүү саясат институту жаңылыктары

## Элеттик ден соолук комитети – жамаатта чоң күч. «Элеттик ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарынын ден соолук детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги» Долбоору активдүү фазага кирди

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,**
"ЭДК үнү жана ЖӨБдүн социалдык жоопкерчилиги" долбоорунун менеджери

Элеттик ден соолук комитети – жамаатта чоң күч. «Элеттик ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарынын ден соолук детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жопокерчилиги» Долбоору активдүү фазага кирди

Элеттик ден соолук комитетинин (ЭДК) тарыхы 10 жыл мурда Нарын облусунда биринчи ЭДК негизделген күндөн тарта башталат. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын аймагында 1600дүн тегерегинде ЭДК бар. Бул болсо көпчүлүк айылдарда бери дегенде бир ЭДК бар дегенди билдирет.

ЭДК маңызы жагынан жамааттарга окшоп кеткен жамааттык уюм болуп эсептелет. Алар да жамаат-



тарга окшоп жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип жана өз жоопкерчилиги алдында чечүү үчүн бир көчөдө, кварталда, же айылда жашаган жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн ыктыярдуу бирикмеси. Айрым ЭДКлар гана юридикалык каттоодон өткөн жана коммерциялык уюм катары өз алдынча чыга алат. Кыргыз Республикасынын аймагында көпчүлүк ЭДКлар каттоодон өткөн эмес. Бул алардын өзүн өзү түшүнүүдө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу өңдүү башка уюмдар тарабынан кабылдануусунда маселе жаратууда. Бирок мыйзамдуу уюмдун формасы кандай болгон күндө да ЭДКнын маңызы – бул жергиликтүү жамааттын жигердүү лидерлеринин жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүндөй эле биринчи кезекте аларга дал ошол жергиликтүү өз алдынча башкаруу кулак төшөөсүнө укугу бар.

ЭДКнын жер-жерлердеги иши саламаттыктын детерминанттарына, башкача айтканда, жергиликтүү жамааттын саламаттыгына кандайдыр бир деңгээлде таасирин тийгизген айлана чөйрө факторлоруна байланышкан жергиликтүү маанидеги 22 маселе менен тыгыз байланышта. Коомдук саламаттык сактоо чөйрөсүндө КР Саламаттык сактоо министрлигинин структуралык бөлүмчөлөрү калк менен иштешүү үчүн ЭДКны жигердүү тартып жаткан чакта ЖӨБ органдары менен ЭДК ортосунда туруктуу мамиле жөнгө салынган эмес. Көп учурда ЭДКнын ЖӨБ менен алып барган иши туруксуз мүнөзгө ээ жана чакан масштабдагы коомдук иш-чараларды





биргелешип өткөрүү менен гана чектелет. Бирок ЭДК туруктуу натыйжага жетүү жана ден соолуктун детерминантын жакшыртуу үчүн ЖӨБ менен дагы да тыгыз иш алып баруу керектигин түшүнүп турат.

Жер-жерлерде чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу боюнча демилгени ЭДК көптөн бери көтөрүп келет. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана бюджеттик процесс тууралуу билимдин жетишсиздиги ЭДК кандайча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине аралашып, бюджеттик процесстин бөлүгү боло аларын түшүнүүдө кыйынчылыктарга туш болот. Жасап жаткан ишинин маанисин баамдоо менен ЭДК көп жолу айыл өкмөтү менен жолугушууларга келип, байланышты жөнгө салууга аракет кылып турган. Бирок ар бир жолу айыл өкмөтү тарабынан түшүнбөстүккө дуушар болуп жатты. Ошону менен бирге ар бир жаңы аракет сайын ЭДК менен айыл өкмөтү ортосунда чыңалуу күчөп, бул болсо айыл өкмөтүнүн түзүлгөн кырдаалды түшүнүүдөн баш тартуусун алып келди. Бир аз гана ЭДКны айыл өкмөтү түшүнүп, колдоо бере алды. Өз кезегинде айыл өкмөтү ыйгарым укуктарынын чектелүү болгонунан улам ЭДКнын талаптарынын көбүн канааттандырып, жергиликтүү бюджеттен каржылай алган жок. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ЖӨБ өз ишинде жергиликтүү бюджеттен каржылоо мүмкүн болгон жергиликтүү маанидеги 22 маселе менен чектелип калган.

2014-жылы Өнүктүрүү саясат институту Элеттик ден солук комитеттеринин ассоциациясы менен “Элеттик ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасындагы элеттик жамааттардын ден соолук детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги” Долбоорун ишке ашырууга киришти. Долбоор Бүткүл дүйнөлүк банкка караштуу “Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүк” Траст фонду көрсөткөн колдоо менен ишке ашырылып келатат. Аталган долбоордун максаты – пилоттук 30 ЭДКга бюджеттик процесске, демек жеринде чечим кабыл алуу процессине тартылуу үчүн өз потенциалын жогорулатууга жардам берүү.

Эң башында Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тараптан да, ЭДК тараптан да түшүнбөстүккө туш болду. Долбоор туш болгон, ЭДК тараптан жаңырган алгачкы суроо: “Эмне үчүн ЖӨБ бизди колдобойт жана каржылабайт?”. ЖӨБ тараптан суроо: “ЭДК дегендер кимдер?”. Долбоордун алгачкы иш-чарасы кызуу талкууга айланып, ЭДК чогуу иштешүү каалоосу жок деп ЖӨБ органдарын айыптады. Мындай түрдөгү талкууга пилоттук региондордогу ЭДК өкүлдөрү да, ЖӨБ органдарынын – айыл өкмөттүн жана жергиликтүү кеңештин өкүлдөрү да чакырылган.

Тренингдерде катышуучуларга ЖӨБ органдарынын функциялары жана ыйгарым укуктары, жергиликтүү маанидеги маселелердин маңызы жана алардын ден соолук детерминанттары менен байланышы түшүндүрүлүп берилди. Тренингдер жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы кантип иштеринен кабар алган ЭДК өкүлдөрү үчүн гана эмес, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү үчүн да пайдалуу болду. Анткени алар ден соолук детерминантынын маңызын түшүнүп, ЭДК ЖӨБнын ишинде пайдалуу боло аларын көрүштү.

Кийинки тренингдерде ЭДК менен ЖӨБнын өз ара мамилелери жөнгө салына баштаганын байкадык. Эгерде мурда биргелешкен талкуулар талаш-тартыштарды пайда кылып келсе, азыр болсо эки тарап тең бири-биринин жүйөлөрүн угууга даяр болуп калды. ЭДК биргелешкен окуунун пайдасын белгилейт. Анткени алар бул чөйрөдө өзү үчүн жаңы бир нерселерди гана үйрөнбөстөн муну ЖӨБ өкүлдөрү менен да талкуулай алышты. Биргелешкен диалог өз ара тил табышууга жардам берет жана ЭДК атаандаштан ЖӨБнын өнөктөшүнө айланат. Мисалы, эгерде мурда ЭДК ЖӨБны “бюджеттик каражатты кымырып алды” деп айыптап келсе, жергиликтүү бюджеттердин киреше жана чыгашалар структурасын биргелешип талкуулоодон кийин ЭДК кырдаалга тең салмактуу баа берип калды. Келечекте мына ушундай мамилелер сакталып калса, ЭДК менен ЖӨБ түзүлгөн жагдайды биргелешип талкуулап, чогулуп маселени чечиш калышат. M




# Кыргызстандагы алты миң бала Глобалдык акча апталыгына катышты. Алардын ичинен үч миңи – аймактагы мектептердин окуучулары

**Мээрим СЕЙИТОВА, Наргиза СЫДЫКОВА,**
Өнүктүрүү саясат институтунун адистери

Кыргызстан 2015-жылдын 9-мартынан 19-мартына чейин өткөн Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгы (Global Money Week) глобалдык өнөктүгүнө биринчи жолу толук масштабдуу катышты. Global Money Week – бул ишенимдүү жана жоопкерчиликтүү келечек үчүн кийинки муундун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган эл аралык окуя. Жыл сайын ири жамааттар жаштар үчүн финансы чөйрөсүн өзгөртүүнүн жана жаш жарандарга өзүнүн келечегин аныктоо үчүн билим жана аспаптарды берүүнүн үстүнөн иштөө максатында биригип турушат.

Global Money Week жыл сайын марттын экинчи аптасында өткөрүлүп келет. Бул демилгени CYFI Катчылыгы координациялайт, бирок дүйнө жүзү боюнча иш-чаранын өзүн мектептер, университеттер, министрликтер, борбордук банктар, финансы мекемелери, жарандык коомдун мүчөлөрү жана жигердүү жаштар уюштуруп турушат. Акча апталыгы маалында дүйнө жүзү боюнча акча, аманаттар, жумуштулуук, каражат чогултуу ж.б. темаларына арналган түрдүү иш-чаралар өткөрүлөт. 2015-жылы финансы апталыгы үчүн тема болуп “Бүгүн чогулткан акча – ишенимдүү эртеңки күн үчүн. Save today. Safe tomorrow” ураары тандалып алынды. Эртеңки күндүн ишенимдүү болушу үчүн бүгүндөн тарта каражатты сактаганды үйрөнүш керек. Балдар жана жаштар бала чагынан эле үнөмдөгөндү жана акча чогултканды билүүгө тийиш.

“Глобалдык акча апталыгы балдардын жана жаштардын жапырт финансылык сабатсыздыгы өңдүү көйгөйгө коомчулуктун жана мамлекеттин назарын буруу максатын көздөйт. Мындай сабатсыздык көптөрдү татыктуу бактылуу жашоо, жакшы билим алуу, ден соолугу чың тукум улантуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып жатат. Советтер Союзунан бизге мураска жеке финансыны башкарууга үйрөтүү орунсуз дегендей система калган. Ошондуктан үй-бүлөдө да, мектепте да, жогорку мектепте да ушул кезге чейин финансы билимдери берилбей келет. Бул кырдаалды өзгөртүүгө учур келди. Бирок муну байып кетүү зарылчылыгы үчүн эмес, балдарда алдына турмуштук максаттарды коюп, зарыл болгон материалдык ресурстарга жетүүсүн камсыздоо жөндөмүн өнүктүрүү көз карашынан алыш керек”, - деген ишенимде Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА.

Кыргызстан өнөктүккө экинчи жыл катышууда. Өткөн жылы ага Кыргызстандын Банктар союзу жана “МКК ФИНКА” ЖАК катышкан. 2015-жылы Кыргызстанда Global Money Week 2015 өнөктүгүнө калктын калың катмарын тартуу максатында Кыргызстандын Банктар союзу, КР Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун тескөө жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы, Жаштарды Өнүктүрүү Институту, Өнүктүрүү саясат институту, Кыргызстандын депозиттерин коргоо агенттиги, КР Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги, Борбор Азия университети, КР Финансы министрлигинин Окуу борбору, Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгы, Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомчулугу (GIZ), Кепилдик фонддор ассоциациясы, “Ишеним” Насыя-Маалымат Бюросу, Эл аралык финансы корпорациясы (IFC), Кыргызстандын Микрофинансы уюмдар ассоциациясы, FINCA банкы, “Айыл банк” банкы, “Бай түшүм” банкы, жана “Кыргыз инвестициялык-насыя банкы” (KICB) өңдүү финансы мекемелери, ассоциациялары жана эл аралык уюмдар КР Улуттук банкынын башкаруусу алдында биригишти. Өлкө боюнча, анын ичинде алыскы региондордо жана айылдарда өткөрүлгөн бул иш-чаранын алкагында балдар жана жаштар үчүн интерактивдүү билим берүүчү сабактар, семинарлар, конференциялар, сынактар өткөрүлдү.

Жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү миссиясына берилген Өнүктүрүү саясат институту аракеттердин баарын региондорго бурду. ӨСИнин колдоосу алдында республиканын 8 жалпы билим берүүчү мекемелери 2015-жылдын 9-мартынан 19-мартына чейин Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгына кошулушту. Мектептер ачык сабак, тренинг, финансы оюндары, бюджеттик угуулар жана башка сабактар формасында 50дөн ашык иш-чара өткөрүштү. Ошол иш-чараларга пилоттук мектептерде билим алган 3 миңден ашуун катышуучу тартылды. Ишчарага мектеп окуучулары гана эмес, мугалимдер жана ата-энелер да катышты.

Пилоттук мектептердин ӨСИ менен кызматташтыгы 2014-жылы башталган. Өткөн жылы “Сорос – Кыргызстан” фондунун жана Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык кызматташтык боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун финансылык колдоосу алдында ӨСИ “Жаштардын финансылык сабаттуулугу – өлкө ийгилигинин фактору” Долбоорун ишке ашырган. Эки долбоордун жардамы менен Өнүктүрүү саясат институту 2014-жылдын жай мезгилинде “Муниципалитет Фин-Билим-Сити” жайкы мектебин уюштурган. Сынактык комиссия 10 педагогду жана 50 окуучуну тандап алып, алар мектепте интенсивдүү окуудан өткөн. Ошол эле маалда командалар түзүлүп, алар долбоорго катышкандан кийин финансы билимдерин жайылтуу боюнча иштерди жүргүзүшкөн.

2014-жылдын ноябрь айында жайкы мектептин эң жигердүү бүтүрүүчүлөрү үчүн “Бюджеттин мектеби – менин бюджетим. Окуучулардын финансылык сабаттуулугу” темасына эки күндүк семинар өткөрүлгөн. Семинарда билим берүүгө жана мектепти башкарууда коомчулуктун катышуусуна укукту ишке ашыруунун укуктук негиздери, ата-энелердин мектепти башкаруусу үчүн уюм түзүүнүн механизмдери, мектептин бюджети боюнча коомдук угуулар ж.б. тууралуу маалымат берилген. Семинар маалында катышуучуларга өз мектебинде Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгын, анын ичинде мектеп бюджетинин ачык-айкындыгы жана жеткиликтүүлүгү боюнча иш-чараларды өткөрүү сунушталган. Ар бир мектепке Өнүктүрүү саясат институтунан куратор бекитилип, алар уюштуруу иштеринде кепкеңешин берип, көмөк көрсөтүп турушту. Ошондой эле мектептерге кеңсе товарлары (фломастерлер, боёктор, калем саптар, альбомдор, түстүү калемдер ж.б.), флешкалар, футболкалар, маркер менен жазылчу такталар, көп функционалдуу түзүлүштөр (принтер) ж.б. белекке керилди.

Бардык мектептерде Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгынын ачылышы алдында даярдоо иштери жүргүзүлдү. Жооптуу командалар түзүлүп, алардын курамына жайкы мектептин бүтүрүүчүлөрү жана башка активисттер катышты. Командалар






ролдорун бөлүштүрүп, иш-чаралар боюнча пландарды түзүп, окуу тренерлерин жана лекторлорду аныктап, мектеп жетекчилиги менен пландарды макулдашып, таратып берме материалдарды даярдашты ж.б. Бардык иштер мектеп координаторлорунун так жетекчилиги алдында өткөрүлдү.

2015-жылдын 9-мартына чейин бардык пилоттук мектептер Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгын салтанаттуу иш-чаралар менен буга чейин макулдашып алгандай, бир маалда башташты. Баткен, Жалал-Абад, Ош, Ысык-Көл, Чүй облустарында жана Бишкек шаарында 7 жаштан 17 жашка чейинки курактагы 3000ден ашуун окуучу түрдүү билим берүүчү жана агартуучу иш-чараларга катышты. Иш-чаралар ар түрдүү болду: ачык сабактардан жана интерактивдүү оюндардан баштап, финансы мекемелерине болгон экскурсияларга чейин. Мисалы, Кара-Балта шаарындагы №6 мектептин окуучулары “Айыл банк” банкынын филиалына барса, Жалал-Абад шаарында Demir bank, “Росинбанк” жана “РСК Банк” банктарынын кызматкерлери №14 мектепте болушуп, ачык сабак өткөрүштү. Окуучулар финансы мекемелеринин ишин практика жүзүндө үйрөнүп, кызыктырган суроолорго жооп алышты. Жети-Өгүз районунун Тамгадагы мектебинин командасы банк кызматчылары менен семинар уюштуруп, ал жерде насыя алууга жана анын терс кесепеттерине тиешелүү маанилүү маселелерди талкуулашты. Мындан тышкары балдарга банктын тарыхы тууралуу айтып беришип, банк жүргүзгөн операциялардын түрлөрүн түшүндүрүп беришти. “Олимп” мектебинде “Мальдив аралдарына сапар” практикалык сабагы, 9-10-класстардын окуучулары үчүн викторина, финансы жана экономикалык маселелерге тиешелүү жеке жарыштар, финансы-экономикалык оюн ж.б. өткөрүлдү. Ошондой эле олуттуу ишти Тогуз-Торо районундагы №2 мектеп жасады; ал жерде окуучулар арасында викториналар, ачык сабактар, финансы сабаттуулугу боюнча оюндар өткөрүлдү. Бишкек шаарындагы №62 мектептин окуучулары да пилоттук мектептерден артта калбастан, бир катар тренингдерди өткөрүштү.

Бардык өнөктөш мектептерде 500дөн ашык окуучу жана алардын ата-энеси катышкан бюджеттик угуулар өткөрүлдү. Бул угууларда балдар жана алардын ата-энелери мектеп бюджети, акча кантип бөлүштүрүлөрү тууралуу маалымат алышып, катышуучулар өздөрү мектеп жашоосуна кантип таасирин тийгизе аларын талкуулашып, ой-пикирлери,

***Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгынын алкагында төмөнкүлөр ӨСИнин өнөктөш мектептери болуп калды:***

| | **Пилоттук мектептер** | | **Мектептин педагогу, финансылык сабаттуулук боюнча координатор** |
|---|---|---|---|
| 1 | Андарак орто мектеби | Андарак айылы, Лейлек району, Баткен облусу | ЭРГЕШОВ Сухробжон Хакимжанович |
| 2 | Давлатов ат. № 14 мектеп-лицейи | Жалал-Абад облусу | АБДУЛЛАЕВА Шазадахан Кочкорбаевна |
| 3 | А.С.Макаренко ат. №1 мектеп-гимназия | Акман айылы, Базар-Коргон району, Жалал-Абад облусу | НУРАЛИЕВА Нургул Акимбековна |
| 4 | Асан Абдраимов ат. №2 орто мектеп | Тогуз-Торо айылы, Тогуз-Торо району, Жалал-Абад облусу | АРЗИЕВА Элмира |
| 5 | “Олимп” мектеп-гимназиясы | Ош шаары | КУЗНЕЦОВА Лариса Владимировна |
| 6 | № 6 мектеп-гимназиясы | Кара-Балта шаары | МАСЛОВА Ирина Викторовна |
| 7 | Тамга орто мектеби | Тамга айылы, Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу | ЯРОСЛАВЦЕВА Ольга Викторовна |
| 8 | №62 мектеп-гимназия | Бишкек шаары | |




сунуштары менен бөлүштү. Бюджеттик угуулар бардык кызыкдар жактар үчүн бюджеттик процесске катышуунун жакшы мүмкүнчүлүгүн берет. Ата-энелердин сөзүнөн улам, алар адатта акча кантип башкарылып, кандай максаттарга жумшаларын билбей тургандыгы маалым болду. Ошентип мектептерде өткөрүлгөн бюджеттик угуулар мектеп бюджеттерин бир аз да болсо ачык-айкын кылууга жардам берип, коомчулукту мектептин финансы көйгөйлөрүнө жана ошолорду биргелешип чечүүгө тарта алды. Мисалы, Лейлек районунун Андарак мектебинде жана Базар-Коргон районунун №1 мектебинде бюджеттик угуулар өтө жигердүү өттү. Угууларга күн мурда чакыруу баракчаларын алган 200дөн ашык киши катышты. Бардык катышуучуларга мектеп жана мектептин бюджети, мектепке тартылган бардык кошумча каражаттар тууралуу маалыматты камтыган брошюралар таратылып берилди. Мектеп өкүлдөрү бюджетти коомчулукка жана ата-энелерге тартуулап, суроо узатуу мүмкүнчүлүгүн беришти.




Е. Н. ДЕБЕЛАЯ, Кара-Балта шаарындагы №6 мектептин директору: “Ата-энелер акча каражаттары кайда сарпталып жатканын көзөмөлдөй алган учурда гана алар мектепке ише-




нип, акча берүүдөн кооптонбой калышат".

Максим БОРИСОВ, 8-класстын окуучусу: "Мага баары кызыктуу болду. Мен да акчамды үнөмдөп, аны кантип сарптап жатканыма көз сала баштадым".

Эльдияр улуу АДИЛЕТ, 5-класстын окуучусу: "Мен эч качан банкта болгон эмесмин, банк кызматкерлери кантип иштерин, пайыздарды кантип эсептерин, насыяны кантип берерин да билчү эмесмин. Мага бул абдан кызыктуу болду. Эми мен апамдан мага банкта эсеп ачып берүүнү суранам, ал эсепте акчам чогула берет да. Мен жакшы билим алгым келет. Бизге бул экскурсияны уюштуруп бергениңер үчүн рахмат".

Кыргыз Республикасын Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгынын жабылышы 2015-жылдын 19-мартында Г.АЙТИЕВ атындагы Кыргыз улуттук көркөм искусство музейинде өттү. КР Улуттук банкынын төрагасы Толкунбек АБДЫГУЛОВ жана Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА иш-чарага катышып бергени үчүн балдарга ыраазычылыгын билдиришти. Жабылыш салтанаты маалында массалык маалымат каражаттарына өлкөдө өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча кабар берген пресс-конференциядан тышкары "Бүгүн чогулткан акча – ишенимдүү эртеңки күн үчүн" улуттук сүрөттөр сынагында жеңүүчү деп табылган окуучулар сыйланды. Ошондой эле бул сынакка катышкан балдардын эмгектери көрсөтүлгөн көргөзмө ачылды. Бул көргөзмө "Бай-Түшүм" банкынын финансылык колдоосу алдында уюштурулду. Акча апталыгы маалында уюштуруучулар 600дөн ашуун баланы жана жаштарды тартып, 200дөн ашык иш-чара өткөрө алышты.

Сынактын уюштуруучулары балдардан 200дөн ашуун сүрөт алышты, алардын ичинен тогузу жеңүүчү деп табылды, ал эми 23 окуучу атайын байгеге ээ болушту. Балдар үй-бүлөлүк бюджетке, чөнтөктө жүргөн акчага, финансы мекемелерине, финансылык керектөөлөргө жана өзүнүн финансылык келечегине байланышкан темаларда сүрөттөрдү тартышты. Ошол сүрөттөрүнө ураан катары акча тууралуу макал-ылакаптар да колдонулган учурлар аз болгон жок. Көп сүрөттөрдө акча каражаттарын рационалдуу башкарууга чакырыкты байкоого болот. Балдар ар башка болгонун, аларда дүйнөгө жана буюм-кечеге да көз караш ар түрдүү экенин белгилей кетүү зарыл. Сынактык комиссия үчүн чечим кабыл алуу өтө оор болду. Себеби балдардын эмгектери бири-биринен айырмаланып турду. Негизинен авторлордун даярдык деңгээли, түстүү боёктордун жана өңдөрдүн айкалышуусу, өз сезимдерин жана ойлорун кагазга түшүрүү жагынан Герман ГМАЙНЕР атындагы мектептин окуучулары, №70 мектеп-гимназиянын, №13 мектеп комплекси-лицейдин жана "Балажан" РЭТОМБдун окуу-тарбия комплекси айырмалана алды.

Жеңүүчүлөр атайын белек катары КР Улуттук банкынын коллекциялык тыйындарын, сынактын демөөрчүсү болгон "ФИНКА Банк" ЖАК, "Бай түшүм" ЖАК, "Кыргыз инвестициялык-насыя банкы" ЖАК жана "Айыл банк" ААК өңдүү коммерциялык банктардан 1000 сомдон 5000 сомго чейин депозитке сертификат алышты. Мындан тышкары бардык авторлор башка уюштуруучулардан – Өнүктүрүү саясат институтунан, "Жаштарды өнүктүрүү институту" коомдук уюмунан, КР Депозиттерин коргоо боюнча агенттиктен жана "Жеке инвесторлор клубу" коомдук уюмунан да баалуу белектерди алышты.